«Адам укуктарын коргоо жана Борбор Азияда ММКлар аркылуу укуктук билим берүү» долбоор

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫ

№8

# 8 Чыгарылышы – октябрь – декабрь 2010-жыл

Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень













Европа Союзу

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING

IWPR

Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR)

# УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

*Сиздердин назарыңыздарга Борбор Азия өлкөлөрүндө адам укугу боюнча актуалдуу маселелерди чагылдырган маалымат-аналитикалык бюллетендин сегизинчи чыгарылышын тартуулайбыз.*

Борбордук Азиядагы мамлекеттерде качкындар көйгөйү Кыргызстандын түштүгүндөгү кагылышуудан кийин бир топ курчуду. Бул окуя президент Бакиевди бийликтен кулаткан апрель окуясынан кийин өлкөнүн башына келген алсыз убактылуу өкмөт башкарып турган Кыргыз Республикасынын эле эмес, аймактагы бардык мамлекеттердин үрөйүн учурду. Казакстандан өзбек качкындарын экстрадициялоо улантылууда. Кыргызстандан Өзбекстандын Фергана, Наманган жана Андижан облустарына убактылуу жер которгондорду эч ким кепилдикке албайт. Алардын учурдагы абалы жөнүндө бюллетендин ушул чыгарылышынан окуй аласыздар.

Бирок ар бир мамлекеттин өзү бул каргашалуу окуялардан бир катар сабак алды. Биринчиден – этникалык топтордун ортосундагы мамилеге байланышкан көйгөйлөрдү саясатчылар өздөрүнүн конъюктуралык максаттары үчүн колдонууга укуктары жок. Ош окуясы анын кесепети кандай кан төгүүлөр менен коштолушу мүмкүн экендигин көрсөттү. Экинчиден – бул демократия, биринчи кезекте, өз жүрүмтуруму үчүн жоопкерчиликтин жогорку тепкичи жана мыйзамды сыйлоо экендигин көрсөттү.

Казакстан ЕККУга төрага өлкө макамында болуп, негизги көңүлдү аскердик-саясий, экономикалык маселелерди чечүүгө жана коопсуздук көйгөйлөргө бурду. Ошону менен бирге, төрагалык макамын алганга чейин убада кылынган укуктук мыйзамдуулукту мыктылоо милдеттенмеси бул миссия бүткөндөн кийин да улантылары бышык. Өзбекстанда президенттин узак мөөнөттөгү саясий позициясын бекемдөө максатында конституциялык өзгөртүүлөр киргизилүүдө. Түркмөн укук коргоочулары эл аралык конференцияга катышуу менен бир топ көйгөйлөргө туш болушту. Тагыраак айтканда, 2010-жылдын октябрь айында Варшавада өткөн адам укугу маселесине арналган конференцияга түркмөн активисттеринин катышуусу кыйынга турду. Алардын катышуусуна Түркмөн бийлиги каршы болду, ал эми ЕККУ мындай идеяга макул болду. Түркмөнстандан ошол эле сыяктуу Астанада өткөн конференцияга бир гана адамга катышууга уруксат берген. Активисттер расмий Ашхабат өлкөнүн ички иштери жөнүндөгү маалымат сыртка чыгып кетүүсүнөн кооптонуп жатышкандыгын билдиришти.

Сентябрь айындагы Тажикстандын Рашт өрөөнүндөгү окуя тынчсыз Афганистан менен чектеш бул мамлекет андай баш аламандыктардын Борбордук Азияда таркап кетишине өтө кооптуу алсыз звено экендигин көрсөттү. Ал эми Борбордук Азия республикаларынын ичинен биринчи болуп парламентаризм жолуна түшкөн Кыргызстанда болсо, экинчи жолку аракеттен улам декабрдын аягында парламентте коалициялык көпчүлүк түзүлдү.

Алдыда көп иштер турат. Борбордук Азия мамлекеттери саясий-экономикалык жана социалдык маселелер менен катар дайыма арткы пландарга калып келген адам укуктарына жетиштүү көңүл бөлө алышабы аны убакыт көрсөтөт.

Эске сала кетсек, бюллетень Европалык Кеңештин колдоосунда, Британдык Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) «Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан даярдалды. Долбоордун негизги максаттарынын бири – Борбор Азия чөлкөмүндөгү коомчулуктун адам укугун коргоо тармагында маалымдуулугун жана сабатын жогорулатуу.

Бүгүнкү күндө долбоор Кыргызстандагы балдардын билим алуусунун жеткиликтүүлүгүн, Тажикстандагы суицид санынын өсүү көйгөйүн чечүү, Казакстандагы сөз эркиндигин колдогон диалог платформасына ээ. Долбоордун ишкерлигинин дагы бир багыты өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук менен, массалык-маалымат каражаттары менен байланышууга үйрөтүү, журналисттерге адам укугун коргоонун эл аралык жана улуттук мыйзам үлгүлөрүнө үйрөтүүчү жана машыгууларды өткөрүү болуп саналат.

Бүгүнкү күндө IWPR өз ишкерлигин Европа, Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филиппин, Уганда, Түндүк Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө ийгиликтүү иш алып барып жатуууда. IWPR Борбор Азияда өз ишин 1999-жылы баштаган. Бул убактын ичинде Институт мамлекеттик, өкмөттүк эмес уюмдар жана медиатүзүмдөр менен ийгиликтүү кызматташып келет. IWPR биринчилерден болуп, жергиликтүү журналисттер менен иштешип, чет элдик кесиптештери менен байланышуусун түзгөн. Убакыт өткөн сайын бул өнөктүк тыгыз катнаштарды жаратты. Мындай ыкма жаңы алакаларды, идея, билим, жөндөм алмашууну камсыздады. Анын натыйжасы, тил аралык өзгөчөлүктөргө, көз караштарга карабай www.iwpr.net веб-сайтында бириккен макалалар пайда болду. Бул ийгиликтүү долбоорду аркалай IWPR адам укугу, демократиялык маселелерди чагылдырууда чоң салымын кошту.

Ар бир чыгарылышта сиздерди долбоордун ишкерлиги менен тааныштырып, Казакстанда, Кыргызстанда, Тажикстанда, Түркмөнстанда, Өзбекстанда адам укуктарынын бузулуу жагдайларын ачык чагылдырууга аракет кылабыз.

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:


2 ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

АКТУАЛДУУ МАЕКТЕР:

12 Кыргыз Республикасынын түштүгүндөгү этникалык өзбектердин укуктары калыбына келтирилиши зарыл

14 Кыргызстандык өзбек качкындары өздөрүн «кароосуз калгандай» сезишүүдө

АТАЙЫН РЕПОРТАЖ:

16 Кыргызстандагы жакырчылык өлкөдө балдар эмгегин колдонууга түрткү болууда

КАЗАКСТАН:

19 Өзбекстандык качкындар Казакстандан депортацияланганы турушат

КЫРГЫЗСТАН:

21 Кыргызстанда өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмыштуулуктун санын кантип кыскартууга болот

23 Түшүндүрмө. Кыргызстандагы каргашалуу окуяга байланыштуу сот жараяндары адилеттүү жүргүзүлүшү зарыл

ТАЖИКСТАН:

26 Тажикстандагы жалгыз калган аялдардын абалы жакшы эмес

28 Тажик өкмөтү жергиликтүү ММКнын конфликтти чагылдыруусуна наараазы

ӨЗБЕКСТАН:

30 Комментарий. Медиаэксперт: Өзбекстанда журналисттерге карата соттук доолордун себептери көп

32 Жаслык коллониясындагы эркинен ажыратылгандардын ачкачылык акциясы

ТҮРКМӨНСТАН

33 Бүгүнкү түркмөндөр чыныгы укукка зар болушууда

35 Түркмөнстан: Бийлик медицина кызматкерлеринин чет өлкөлөргө кетишине каршы күрөшүүдө


# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## IWPR ЖУРНАЛИСТТЕР МЕНЕН УКУК КОРГООЧУЛАР ҮЧҮН АДИСТИК КОЛДОНМО ЧЫГАРДЫ



Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан журналисттер менен укук коргоочулар үчүн даярдалган окуу куралдын бет ачаар аземи 2010-жылдын 13-15- жана 26-октябрь күндөрү Алмата, Дүйшөмбү жана Бишкек шаарларында өткөрүлдү.

Жаңы басылмалардын ичинен – «Үзүрлүү байланыштар» жана «Адам укуктарын чагылдыруу» аттуу колдонмолорунда ММК менен бейөкмөт уюмдардын бири-бирин жакшы түшүнүүсүнө мүмкүндүк берген тажрыйбалуу адистердин сунуштары: укук коргоочуларга - өз уюмдарынын ММК менен болгон мамилесин жөнгө салууга, ал эми журналисттерге – укук коргоо темаларын жеткиликтүү чагылдырууга мүмкүндүк берген сунуштар камтылган. Андан сырткары бул жылы IWPR тарабынан мурда англис жана орус тилдеринде жергиликтүү журналисттер үчүн чыгарылган «Өзгөрүүлөр үчүн репортаждар» деп аталган колдонмо аталган Институт тарабынан жергиликтүү тилдерге которулду. Бул колдонмолор адистер тарабынан журналистиканын эл аралык стандартына ылайык жазылган эң мыкты практикалык колдонмо катары бааланды. Андан сырткары



**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**




Институт радиожурналистика боюнча орус тилиндеги колдонмону даярдап басып чыгарды.

Бет ачаар аземинде аталган басылмалар Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстандын жергиликтүү окуу жайларынын журналистика факультеттерине жана кафедраларына жана аймактагы бейөкмөт уюмдардын, медиа уюмдардын кеңири катмарына белек катары таркатылып берилди. IWPRдын басылмаларында Борбор Азиядагы бардык мамлекеттердин эксперттеринин тажрыйбалары камтылды. Бул китептер Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын, Өзбекстандын жана Түркмөнстандын өз жана чет өлкөлөрдө белгилүү алдыңкы укук коргоочулары жана журналисттери, ошондой эле IWPRдын кызматкерлери тарабынан жазылды.

КРнын билим жана илим берүү министринин орун басары Гүлжигит Сооронкулов басылманын билим берүү жаатында да абдан пайдалуу экендигин белгиледи. Кыргыз-Орус Славян университетинин (КРСУ) эл аралык журналистика кафедрасынын башчысы Александр Кацев бул китептер «тоталитардык түзүлүштөн кийинки доордогу толеранттуулукка болгон укукту бекемдейт, мындай китептер түрдүү тилдерде канчалык көп чыкса, ошончолук студенттердин аң-сезимине терең сиңип, коомдо толеранттуулук идеясынын жайылышына өбөлгө болот», - деген оюн билдирди.

Казакстандык «Адил Сөз» укук коргоо уюмунун төрагасы Софья Лапина «Басылма укук коргоочу бейөкмөт уюмдар менен ММКнын ортосундагы тыгыз кызматташтыкты жөнгө салууга жардам берет. Бул колдонмолор жаш журналисттердин укук коргоо темасын чагылдыруусуна жана аларга аталган темага байланыштуу маалымат булактарын туура колдонуусуна жардам берет», - деп эсептейт.

Радиожурналисттер үчүн чыккан колдонмонун авторлорунун бири Зебо Таджибаева басылмалар авторлордун журналист катары жеке билиминин жана тажрыйбасынын негизинде, ошондой эле аналитикалык радиорепортаждардын редакторлорунун жардамы менен жазылгандыгын айтып өттү. «Акыркы жылдары Тажикстан да башка өлкөлөр сыяктуу эле радиожурналистиканын аналитикалык сюжет сыяктуу жанрларын бере башташты. Аны «пакет» деп да аташат. Ал журналисттен көп чыгармачыл эмгекти жана убакытты талап кылат. Бирок ошол эле мезгилде бул радио угармандарга маалыматты берүүнүн эң кызыктуу ыкмасы болуп саналат. Ошондуктан, дал ушул жанр IWPRдын радиодолбоорунун жана колдонмолорунун негизин түздү.

Биринчи жолу журналисттер үчүн жана укук коргоочу бейөкмөт уюмдар үчүн чыккан колдонмолор жөнүндө «Нота бене» коомдук уюмунун жетекчиси, белгилүү укук коргоочу Нигина Бахриева «Коомчулук менен байланышты кантип жакшы туура жолго коюунун теоретикалык эрежелери, практикалык кеңештери биринчи жолу бир китепке чогултулуп берилген», - деп белгиледи. Ошондой эле бул колдонмо укук коргоочуларга өздөрүнүн маанилүү жана кызыктуу иштери тууралуу коомчулукка жарыялоого жардам бере тургандыгына үмүттөнөөрүн билдирди.



IWPRдын китептеринин бет ачаар аземи аймактагы өлкөлөрдөгү журналисттер, мамлекеттик түзүмдүн өкүлдөрү, медиакоомчулук, жарандык сектор, жогорку окуу жайлары, эл аралык уюмдар жана дипломатиялык миссиялар тарабынан чоң кызыгууну жаратты. Институттун аймактагы мамлекеттердеги кеңселери кызыккан уюмдар жана жарандар басылмаларды кайтаруусуз берүү өтүнүчтөрүн кабыл алышууда.

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

# БИШКЕКТЕ ЖАНА ДҮЙШӨМБҮДӨ АДАМ УКУКТАРЫН IWPRДЫН ҮЛГҮСҮНДӨ ЧАГЫЛДЫРГАН БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ МЫКТЫ ЖУРНАЛИСТТЕРДИН АТТАРЫ АТАЛДЫ

10-декабрда, Адам укуктары күнү «Укук коргоо маселелерин ММКда мыкты чагылдыргандыгы үчүн» Борбордук Азиялык деңгээлде өткөн конкурстун жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды тапшыруу салтанаты болду. Ага Кыргызстандан, Казакстандан жана Өзбекстандан жеңүүчү журналисттер катышышты. Эки күн мурда, 8-декабрда Дүйшөмбү шаарында Тажикстандык жеңүүчү журналисттерге сыйлыктар тапшырылган.

Жеңүүчүлөргө канат түрүндө колодон жасалган калем кичинекей статуя, диплом жана жеңүүчүлөрдүн номинациясына жараша 300дөн 1000 долларга чейинки акчалай сыйлыктар тапшырылды.

Конкурс жөнүндө маалымат 2009-жылы жарыяланган эле. Ошол күндөн баштап IWPRдын дарегине мамлекеттик жана жеке ММКнын кабарчыларынан жана аймактын төрт республикасынын эркин журналисттеринен жүздөн ашык каттар, катышууга арыздар келип түштү. Калыстар тобу жети адамдан туруп анын курамына өз өлкөсүндө эле эмес чет өлкөлөрдө да белгилүү болгон Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын тажрыйбалуу укук коргоочулары, журналисттери жана юристтери: Вячеслав Абрамов, Андрей Гришин, Сардар Багишбеков, Шамарал Майчиев, Ойнихол Бобоназарова, Шахло Акобирова, Хакимжан Хусановдор киришти.

Өзбекстандык калыстар тобунун мүчөсү Хакимжан Хусанов, калыстар тобунун мүчөлөрү макалалардын ичинен мыктыларын тандоодо бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушкандыгын жана кызуу талаш-тартыш болгондугун айтты. «Алгач биз ар бирибиз өзүбүзчө тандадык, андан кийин биз жеңүүчүлөрдү тандоо үчүн [Skype-conference жардамы менен] бирге жолугуштук», - дейт ал.

«IWPRдын мындай иш-чаралары жыл сайын кайталанып турса жакшы болмок, анткени мындай конкурстар адам укуктары темасында жазган журналисттердин адистик тажрыйбаларын арттырууга жардам берет», - деп белгиледи Тажикстандагы «Азия Плюс» гезитинин редактору Парвина Хамидова.

Эксперттер мындай конкурстар адам укуктарына байланышкан темаларды чагылдырууга журналисттерди шыктандыруу менен бирге алардын адистик тажрыйбасын

# КОНКУРСТУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ:

## КОНКУРСТУН НЕГИЗГИ НОМИНАЦИЯЛАРЫ:

*Басма ММК*



Елена Воронина
*(Кыргызстан)*



Елена Братухина
*(Казакстан)*



Рамзия Мирзобекова
*(Тажикстан)*

*Online-БАҚ*



Тилав Расулов
*(Тажикстан)*



Бакыт Ибраимов
*(Кыргызстан)*

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

арттыра тургандыгын белгилешүдө. Көпчүлүк катышуучулар бийлик органдарынан жөнөкөй эле маалыматты алуу өтө кыйынга тураарын жана мындай иш чара журналист үчүн тобокелдүү иш экендигин белгилешти. Калктын укуктук жактан маалымдуулугунун өсүшү «азырынча көпчүлүк укук бузууларга көз жуумп жаткан» мамлекеттик укук коргоочулардын жоопкерчилигин жогорулатат», - дейт «Басма ММК» сыйлыктын ээси Тажикстандагы журналист Рамзия Мирзобекова.




Эркин Европа Радиосунун Казакстандагы кабарчысы «Кыйноолор жана мыйзамсыз камакка алуулар» атайын номинациясынын жеңүүчүсү Жасулан Кужеков көп убакыт бою Нефть бизнесине арналган теманы чагылдыргандыгын, эми укук коргоо темасында жазууну баштагандыгын жана мындан ары аны токтотпостугун айтты.

Кыргызстандагы белгилүү укук коргоочу Елена Воронина, «Басма ММК» боюнча биринчи номинациянын жеңүүчүсү, өзү тарабынан жарыяланган балдар укугу боюнча сериялуу макалалары калыстар тобу тарабынан жогору бааланганына таң калгандыгын жашырган жок. «Бул менин гана жеңишим эмес, бул мен жазып жаткан бардык балдардын жеңиши»», - деди Воронина.

«Бул салтанаттуу кече биз үчүн чыныгы майрам болду», - деди тажик журналисти Валентина Касымбекова. Ал Дүйшөмбүдө конкурстун жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды тапшыруу үчүн аземге келишкен Тажик парламентинин мүчөлөрүн, чиновниктерди, жергиликтүү бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүн көргөндүгүнө өтө кубанычта болгондугун белгиледи.

Конкурс Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан Европалык комиссиянын каржылоосу менен «Борбордук Азияда адам укуктарын коргоо жана ММК аркылуу укуктук билим берүү» долбоорунун, Норвегиянын тышкы иштер министрлиги тарабынан каржылануучу «Укук коргоо, карама-каршылыктар жана ишенични бекемдөө маселелерин чагылдыруу боюнча маалымат программасы» долбоорлорунун алкагында БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку комиссариаттын Башкармалыгы жана Тажикстан Республикасындагы АКШ элчилиги менен өнөктөштүктө уюштурулду.

## ТЕМАТИКА БОЮНЧА КОНКУРСТУН АТАЙЫН НОМИНАЦИЯЛАРЫ

*«Аялдардын жана балдардын укуктары» -*



Абдуракиб Кадыров
*(Тажикстан)*

*«Сөз эркиндиги» -*



Сергей Расов
*(Казакстан)*

*«Кыйноолор, мыйзамсыз кармоолор жана камакка алуулар» -*



Жасулан Кужеков
*(Казакстан)*

*«Эркин жер которуу?» -*



Дильбегим Мавлоний
*(Өзбекстан)*

*БУУнун Качкындар иши боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын номинациясы «турак жай менен камсыздоо»*



Махамбет Абжан
*(Казакстан)*



Асыл Осмоналиева
*(Кыргызстан)*



Валентина Касымбекова
*(Тажикстан)*

*Тажикстандагы АКШ элчилигинин номинациясы*



Ирина Умарова
*(Тажикстан)*



Фазлиддин Ходжаев
*(Тажикстан)*

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

# IWPR ТАЖИКСТАНДЫК ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖУРНАЛИСТТЕР МЕНЕН УКУК КОРГООЧУЛАРДЫ ЖАҢЫ МЕДИАТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУГА ОКУТТУ

IWPR октябрь айында укук коргоочуларды жана журналисттерди интернетте жаңы технологияны окуп үйрөтүү боюнча тренингдер сериясын өткөрдү. 16-17-октябрда Кыргызстандын Бишкек, Чүй, Талас жана Ысык-Көл облустарынын укук коргоочу активисттери үчүн тренингдер өткөрүлдү.

Ал эми Тажикстанда бул сериядагы биринчи тренинг 29-октябрда Дүйшөмбү шаарында аяктады. Борбор шаардан, Коргон-Төбө, Рашт жана Варзоб райондорунан келген он беш укук коргоочу менен журналисттер интернеттин жаңы платформасындагы тармактык сеттерде иштөө ыкмаларын окутуу боюнча тренингдер өткөрүлдү. 31-октябрда жана 1-ноябрда ушундай эле тренингдер Хорог шаарында жана 4-5-ноябрда Кожентте өткөрүлдү: ага 30га жакын укук коргоочулар менен журналисттер катышышты.

«Биз Интернетте журналисттердин жана ММКнын жардамысыз эле – өзүбүздүн бейөкмөт уюмдун ишмердүүлүгү тууралуу пикир алмашуубузга мүмкүн экендигин билген эмеспиз», - дейт Коргон-Төбөдөн келген Лола Жалилова. Катышуучулардын баары адам укуктарынын бузулушуна байланышкан көйгөйлөрдү чечүү иштери жөнүндөгү маалыматты жайгаштыра ала турган өздөрүнүн жеке блогдорун түзүштү. Андан сырткары, байланыштын эң жаңы ыкмалары байланыш сеттерин кеңейтүүгө, акыркы окуялар менен кабардар болууга ? жана өз иштеринин натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк түзөт.




«Бул тренингдин жардамы менен менде бир күндүн ичинде өтө көп пайдалуу байланыштар пайда болду», - деди катышуучулардын бири Ибодат Жураева.

Тренер катары Кыргызстандагы белгилүү блоггер, жаңылык порталынын жана ири Kloop.kg блог платформасынын негиздөөчүсү Бектур Искендер чакырылды.

# КООМДУК УГУУЛАР «ҮЙ БҮЛӨДӨГҮ ЗОРДУК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО МЕХАНИЗМДЕРИ»



2010-жылдын октябрь, ноябрь айларында Кожент, Хорог, Куляб жана Коргон-Төбө шаарларында Бейөкмөт уюмдар ассоциациясы менен өнөктөштүктө гендердик теңчилик жана аялдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча «Аялдарга карата зордук-зомбулук көйгөйлөрү жана андан коргоо механизмдери жөнүндө Тажик Республикасынын калкынын маалымдуулугун жогорулатуу» темасында тегерек стол болуп өттү. Ага баш- аягы 150гө жакын активисттер, аймактагы мамлекеттик органдардын жана духовенствонун өкүлдөрү катышышып, түрдүү зордук-зомбулуктан коргоонун ыкмаларын талкуулашты. Жолугушуунун катышуучулары үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук республикадагы башкы көйгөйлөргө айланып бара жаткандыгын, ошол эле мезгилде андан коргоо механизми катары «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоо жөнүндөгү» мыйзамдын бүгүнкү күнгө чейин кабыл алынбашын белгилешти. Кээ бир аймактарда, анын ичинде Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунда кризистик борборлор, аялдарга жана эркектерге психологиялык жардам берүү кызматтары, жабырлануучулар баш калкалаган жайлар иштебей тургандыгы айтылды. Мындай көрүнүш өз мезгилинде жарандардын өз укуктарын коргоону билбей?, жабырлануучулардын жардам сурап кайрылуусуна тоскоол болоору белгиленди.

Ошону менен катар эле аялдардын бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоонун эл аралык жана улуттук механизмдери тууралуу тааныштыруу лекцияларын окушту. Бул лекцияларды өткөрүү демилгеси IWPR тарабынан көтөрүлдү.

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**



2010-жылдын 8-декабрында «Үй бүлөдөгү зордук зомбулуктан коргоо механизмдери» темасында коомдук угуу болуп өттү. Ал өлкөнүн түрдүү аймактарында Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун колдоосу менен талкууга алынган үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоо тууралуу мыйзамды кабыл алуу боюнча аялдардын коомдук уюмдарынын активдүүлүгүн күчөтүү боюнча талкуунун акыркы этабы жана бул иш-чаранын бүтүшү болду. Коомдук угууга парламенттин, өкмөттүн, Институттун адам укуктары боюнча иш жүргүзгөн өкүлдөрү жана Тажик Республикасынын ММК, тартип коргоо органдарынын, Ички иштер академиясынын, Башкы прокуратуранын, Жогорку соттун, Юстиция кеңешининин, бир катар эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышышты. Баары болуп коомдук угууга борбордон жана өлкөнүн башка аймактарынан 86 адам катышты.

Иш-чаранын катышуучулары баардык сунуштарды жалпылап, аны Тажикстан Республикасынын өкмөтүнүн кароосуна тапшыра тургандыгын чечишти. Көрсөтүлгөн сунуштардын негизгилеринин бири мамлекеттин «Үй бүлөдөгү зордук зомбулуктан коргоо жөнүндөгү» мыйзамды кабыл алуусу. Тегерек столдун жана лекциянын жүрүшүндө бул мыйзамдын кабыл алынышын колдоо боюнча 300дөн ашык кол чогултулган. Угуунун жыйынтыгында бул мыйзам долбоорун бекитүү жана БУУнун аялдарга карата дискриминациялоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү конвенциясынын кошумча протоколун ратификациялоо боюнча резолюция кабыл алынган.

«Менин көз карашымда, IWPRдын жардамы аркасында мыйзамды кабыл алдыруу аяктоо этабында турат», - деди Тажикстандагы гендердик тең укуктуулук үчүн кыймылдын активисттеринин бири, «Университеттик билими бар аялдар» коомдук уюмунун жетекчиси Гулжаход Бобосадыкова.

Баардык иш-чаралар Европалык комиссиянын колдоосу менен Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту тарабынан жүзөгө ашырылуучу «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» жана Норвегиянын Тышкы иштер министрлиги тарабынан каржыланган «Укук коргоо маселелерин, карама-каршылыктарды чагылдыруу жана ишеничти бекемдөө» долбоорлорунун алкагында өттү.

## ТРЕНИНГ «БЕЙӨКМӨТ УЮМДАР МЕНЕН ММКНЫН ҮЗҮРЛҮҮ БАЙЛАНЫШТАРЫ»

18-19-октябрда жана 2-3-декабрда Алмата шаарында, ошондой эле 6-7-декабрда Талды-Коргондо тренингдер өткөрүлдү, алардын негизги максаты – бейөкмөт уюмдардын кызматкерлерин жана журналисттерди курч социалдык маселелерди чечүүдө кызматташуунун натыйжалуу ыкмаларын окутуу болду. Тренер катары Алматада ММКдагы маркетинг байланышы боюнча адис, аль-Фараби атындагы Казакстан Улуттук Университетинин ММК башкаруу жана жарнама кафедрасынын ага окутуучусу Марлан Негизбаев, ал эми Талды-Коргондо «Диалог Талды-Коргон» гезитинин кабарчысы Яна Бачевская чакырылды. Казакстандын түштүк борборунда аймактарга караганда бул байланыштар жакшы жолго коюлган, бирок эки тренингде тең катышуучулар мындай кызматташуунун жыйынтыгын кантип жогорулатуу керектиги жөнүндө көптөгөн суроолорду беришти. Күн тартибинде төмөнкү учурлар каралды: Маалымат жыйыны брифингден эмнеси менен айырмаланат, бейөкмөт уюмдар кантип достук пресс-пулдарды түзүп, ММКнын катышуусу менен натыйжалуу иш-чараларды уюштура алат, ошондой эле ар бир бейөкмөт уюмдар үчүн максаттуу ММКны аныктоонун натыйжалуу жолдору болду.

Тренер Яна Бачевскийдин айтымында, жергиликтүү бейөкмөт уюмдар негизинен жеке пресса менен кызматташат, ал эми мамлекеттик гезиттер менен байланыш иш жүзүндө жок.

Ошондуктан декабрдагы жолугушууга мамлекеттик мекемелерден чакырышты. Ошого карабастан, бейөкмөт уюмдардын пикиринде, аймактарда ММК көңүл буруусуна зарыл болгон чечилбеген социалдык маселелер өтө көп: алар социалдык жумушчулардын кескин жетишсиздиги мезгилинде майыптардын укуктарын коргоо жана сугат жана тамак ашка керектелүүчү суу менен камсыздоо, жетим балдар көйгөйлөрү.

«Мындай тренингдердин казак тилинде өткөрүлө башташы өтө жакшы көрүнүш», - деп эсептейт Чымкенттеги аялдардын ресурстук борборунун өкүлү Эльмира Дуйсекеева.



**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

# КАЗАКСТАНДЫН УКУК КОРГООЧУЛАРЫ ӨЗДӨРҮНҮН ММК МЕНЕН БОЛГОН КЫЗМАТТАШУУСУН ЖАКШЫРТАТ



25-26-октябрда Алмата жана 28-29-октябрда Павлодар шаарларында «Укук коргоочу бейөкмөт уюмдары үчүн коомдук агартуу иштери» боюнча тренинг-семинар өткөрүлдү. Ал Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) Казакстандагы өкүлчүлүгү тарабынан уюштурулду. Баардыгы болуп Алматадан, Чымкенттен, Талды-Коргондон, Тараздан жана Павлодардан 30 өкүл катышышты. Бишкектен чакырылган Ирина Чистякова маалыматты кеңири коомчулукка кантип жеткирүүнүн ыкмаларынын жол жоболору тууралуу лекция окуду. Ирина Чистякова – байланыш чөйрөсүндө тренер-консультант, менеджмент боюнча тастыкталган кеңешчилердин Борбордук Азия институтунун тренери, Кыргыз-Орус Славян Университетинин (КРСУ) эл аралык журналистика кафедрасынын окутуучусу.

Тренер бейөкмөт уюмдардын ММК менен кызматташууну кеңейтүү жана аудитория менен иштөө ыкмалары жөнүндө айтып берди. Өзгөчө көңүл маалыматты эч кандай чыгашасыз, бирок көздөгөн топко бат жеткирүүнүн социалдык, «партизандык» ыкмалары жана BTL-маркетингдин бардык аспектилерин анализдөөгө бурулду. Тренинг ошондой эле иш-чараларды тандоо жана коомдук агартуу ишмердүүлүгүн колдонуу, концерт жана сүрөт көргөзмөсү сыяктуу көчө оюндарын уюштуруу маселелерин камтыды. Катышуучулар мындай иш-чаралардын пландарын даярдашты жана анын натыйжалуулугун талкуулашты.

«Учурда көптөгөн бейөкмөт уюмдар ММК менен кызматташууга муктаж болуп жатышат, бирок укук коргоочуларга редакциялар тез-тез тигил же бул маселени чагылдырууну каалабагандыктарын билдиришүүдө. «Бул тренингде мен журналисттер менен канткенде жемиштүү байланышты жасоо керектиги жөнүндө жакшы идеяларды алдым», - деди Демократияны өнүктүрүү боюнча Талды-Коргон аймактык борбордун директору Сания Касабулатова. «ММК, алар менен кызматташуунун бардык кыйынчылыктарына карабастан, бейөкмөт уюмдар менен көздөгөн аудиториянын ортосунда натыйжалуу «көпүрө» боло алат», - деп эсептейт, «Казакстандын укуктук өнүгүүсү» аттуу бейөкмөттүк уюмдун төрагасы Күнсулу Макен. «Аялдар – улуттун келечеги үчүн» коомдук уюмунун төрагасы Жанна Бороздина, Казакстандагы жергиликтүү укук коргоочулардын негизги көйгөйү өздөрүнүн көздөгөн аудиториясын канткенде так жана туура аныктоо керектиги жөнүндөгү билими жетишсиз экендигин белгилеп өттү. «Бир караганда, жөнөкөй эле нерселер терең көңүл бурууну жана окуп үйрөнүүнү талап кылат, ошондуктан биздин ишмердүүлүгүбүздүн жемиши ушундай нерселерден көз каранды», - деп жыйынтыктады Бороздина.

# АЛЕКСЕЙ МАЛАШЕНКО: «ГЕОСАЯСАТТЫ ТҮШҮНГӨН ЭЛДЕРДИН КЫРГЫЗСТАНГА БОЛГОН КЫЗЫГУУСУ ДАГЫ ӨСӨТ»



3-ноябрда Бишкек пресс-клубунда (BPC) Москвадагы Карнеги борборунун илимий кеңешинин мүчөсү Алексей Малашенконун катышуусу менен «Коогаланды башынан өткөргөн өлкөдө ишенимди кантип калыбына келтирсе болот» деген темада тегерек стол болуп өттү. 4-ноябрда эксперт Коомдук саясат институтунун (IPP) долбоорунун жана ММКнын өкүлдөрүнүн катышуусу менен талкуу уюштурду. Анда демократиялык жана авторитардык социалдык-саясий мамлекеттик системалар талкууга алынды. Бул иш чара Коомдук саясат институту (IPP), Тынчтыкты жана согушту чагылдыруу институтунун (IWPR) Кыргызстандагы өкүлчүлүгү менен өнөктөштүктө өткөрүлдү.

Малашенко геосаясатты жакшы түшүнгөн элдердин Кыргызстанга карата кызыгуусу дагы өсөөрүнө ишенет.«Биринчиден, Фергана өрөөнүнүн бул бөлүгү чөлкөм үчүн гана эмес дүйнө үчүн да өтө маанилүү. Экинчиден, бул Афганистанга жакын жайгашкан. Ал тараптан таасир түздөн-түз Кыргызстанга болбосо да, анын жака белине сөзсүз болот. Үчүнчүдөн, дарыялар кай жакка куят… Качан булардын баары чогулганда бизди ойго салган нерсе сөзсүз

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

болот деп ойлойм. Кыргызстан бүгүн дүйнөлүк масштабда – кичине бирок өтө маанилүү өлкө». Алексей Малашенко 90-жылдардан тартып совет доорунан кийинки өз алдынчалыкка ээ болгон республикалардын ичинен Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн белгилеп өттү. Алексей Малашенко Кыргызстандагы окуялардын мындан ары өнүгүшүнүн мүмкүн болгон үч жолун көрсөттү. Анын айтымында, биринчиден, инерциялык жол, - бул беш жылга созулат, мамлекетте ички интригалар, кимиси күчтүү делген такташуулар орун алып, акырындап бийлик күчтүү адамдын колуна топтолушу менен жүрөт. «Бүгүнкү бир топ күчтүү делген 5, 6 ири партиялардан кубаттуу делген 2 чыныгы күч өсүп чыгышы мүмкүн. Бул шартта авторитаризмге карай жылуу орун алат», - дейт серепчи.

Экинчиден, каатчылык жол, - мында Кыргызстанда «революциялар» кезектешип улантылат, бул Малашенконун пикиринде, Кыргыз мамлекетин ойрон кылуучу жол. Анын божомолунда, Кыргызстан дагы бир жолку революцияга туруштук бере албайт».

Акыркы, үчүнчү жол – бул позитивдик жол, мында саясий жана экономикалык алдыга секирик жасалат, бирок бул бир топ факторлордун топтомусуз ийгиликтүү болбойт, ошол эле мезгилде калктын шымаланып ишке киришүүсү зарыл. Кандай гана болбосун бир орунда тура берүү сөзсүз артка кетүү менен тете болгонун жакшы түшүнүү керектигин кошумчалады Алексей Малашенко.

««Бул жолдордун баары тышкы дүйнөнүн Кыргызстанга болгон мамилесине байланыштуу болот» - деди Малашенко.

Эксперт жөнүндө: Алексей Малашенко көп жылдар бою Орусиянын Илимдер Академиясында иштеген, Эл аралык тынчтык үчүн Карнеги фондунун (Carnegie Endowment for International Peace) «Дин, коом жана коопсуздук» программасынын жетекчиси, Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтунун профессору, Колгейт Университетинин чакырылган профессору, көптөгөн илимий иштердин жана билдирүүлөрдүн автору, саясат таануучу, ислам таануучу.

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАБЫК ЖАЙЛАР ЖОГОРКУ АДИСТИК ДЕҢГЭЭЛДЕ КӨЗӨМӨЛДӨНМӨКЧҮ

24-ноябрдан 26-ноябрга чейин эркинен ажыратылган адамдар кармалуучу жайларда коомдук мониторингди даярдоо боюнча Ысык-Көлдө (Кыргызстан) жолугушуу болуп өттү. Иш-чараны Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү (IWPR) жана «Фридом Хаус» менен биргеликте «Эркиндик үнү» коомдук фонду уюштурду.

«Эркиндик үнү» коомдук фондунун жетекчиси Сардар Багышбеков белгилегендей, бул тажрыйба алып жаткан адистер үчүн мыкты окуу курсу болду. Катышуучулар – КРнын Жаза аткаруучу мамлекеттик кызматтын, Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерин, юристтерди, коомдук жана эл аралык уюмдардын кызматкерлерин жабык жайларга мониторинг жүргүзүүнүн толук ыкмаларын окутуп даярдашты, ошондой эле аны Чолпон-Атадагы №44-колонияга болгон иш сапары учурунда колдонуп көрүштү. Беш түрдүү топ менен маек жүргүзүү максатында сурамжылоолор жана 17 түрдүү бөлмөлөрдүн картасы түзүлдү.



Жумушчу топтун модератору катары Армения Республикасындагы «Жарандык коом институту» аттуу ачык коомунун президенти жана БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин мүчөсү Арман Даниелян болду.

Кыргызстандан тренерлер – Көзкарандысыз укук коргоо тобунун эксперти, Улугбек Азимов жана бейөкмөт уюмдун жетекчиси Динара Саяковалар катышты.

Арман Даниелян мониторингди көрсөтмөсүз жүргүзүү жыйынтыгында толук эмес маалымат алуу болуп саналаарын белгиледи. Көрсөтмө эң маанилүү көйгөйлөрдү көз жаздымында калтырбоого жана системанын өнүгүү динамикасын байкоого шарт түзөт. Ал мониторингдин натыйжалуулугу бир канча факторлордон көз каранды экендигин кошумчалады: булар системанын жетекчиси тарабынан мониторинг жүргүзгөн топтун отчётуна жетишээрлик көңүл буруу жана мониторинг жүргүзгөн топту финансылык колдоо.

«Ар күнү бир чөйрөдө жүрүп көнүп каласың да, кайсы бир нерсени баамдабай каласың. Эми биздин колубузда байкоо жүргүзүүнүн картасы бар. Мен бул картанын жардамы өзүбүздө баары ойдогудай болсун үчүн, мен кол алдымда иштегендерди мезгил-мезгили менен текшерип коё алам», - деди жумушчу жолугушуунун катышуучуларынын бири, Молдовановка айылындагы Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын (ЖАМК) алдындагы №31 мекеменин начальниги Кубанычбек Шаршембиев. Эксперттердин пикиринде, КРнын жабык жайларында жакшы жылыштар бар, бирок көйгөйлөр да чечилбей калууда- алардын бири маалымат алуу.

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

# УЛУГБЕК БАБАКУЛОВ: «ЖАҢЖАЛ ОРУН АЛГАН УЧУРДА ЖУРНАЛИСТ МААЛЫМАТТЫН ЖАПАДАН ЖАЛГЫЗ БУЛАГЫ»



2010-жылдын 25-26-ноябрында Ош шаарында «жаңжалдарды чагылдырууда журналисттин коопсуздугу» деген темада тренинг өткөрүлдү. Ага Жалал-Абад, Баткен жана Ош облусунун укук коргоочулары жана журналисттер катышышты. Тренингдин максаты – ¬журналисттерди өздөрүн коргоого үйрөтүү жана коргонуунун түрдүү аспектилери жөнүндө маалымат берүү – укуктук коргоо, коргонуу жана алгачкы медициналык жардамдарды көрсөтүү.

Биринчи медициналык жардам көрсөтүүнүн жолдору жөнүндө маалымат берүүгө Кыргыз Республикасынын Кызыл ай улуттук коомунун түштүк аймак боюнча өкүлчүлүгүнөн тренер-куткаруучу чакырылды. «Альфа» күзөт жүргүзүү агенттигинин машыктыруучусу журналисттер колго көтөрүүчү кээ бир каражаттардын жардамы менен өздөрүн коргоп жаңжалдуу аймактардан чыгып кетишсе боло тургандыктарын көрсөттү.

Журналисттик багыттагы негизги тренер катары «МК-Азия» гезитинин башкы редактору Улугбек Бабакулов келди. «Журналисттин коопсуздугу ¬– бул актуалдуу тема экендиги талашсыз, анткени конфликт шартында журналист бирден-бир маалымат булагы болоору бышык. Маанилүү нерсе жаңжалдуу шарттан эч кандай зыян тартпай эле чыгуу эмес, алынган маалыматты сактап калуу», - дейт тренер.

# ЭКСПЕРТТЕР КЫРГЫЗСТАНДЫН ПАРЛАМЕНТАРИЗМГЕ БОЛГОН АЛГАЧКЫ КАДАМДАРЫН ТАЛКУУЛАШТЫ




Кыргыз Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү Эл аралык тынчтык үчүн Корнеги фонду (Вашингтон) менен биргеликте видео-интернет-тегерек столдорду уюштурууну улантууда. Талкуунун жүрүшүндө КРнын алдыңкы партиялары жана аналитиктери учурдагы Кыргызстандагы окуялар жөнүндө өздөрүнүн америкалык кесиптештери – борбордук азия аймагы боюнча изилдөөчүлөр жана эксперттер менен пикир алмашышат.

Видеоконференциялардын акыркыларынын бири 15-октябрда КРдагы парламенттик шайлоонун (12-октябрь) жыйынтыгына арналды. Шайлоо эл аралык байкоочулар тарабынан Кыргызстандын тарыхындагы «эң таза өткөн шайлоо» катары мүнөздөлдү, бирок шайлоого катышкан партиялардын көптүгү катардагы шайлоочулардын тандоосун бир топ кыйындатты. Жыйынтыгында КРнын парламентине (Жогорку Кеңеш) жыйырма тогуз партиянын ичинен беш партия өттү, алар – «Ата-Журт» (парламентте 28 орун), КСДП (парламентте 26 орун ), «Ар-Намыс» (25 орун), «Республика» (23 орун) жана «Ата Мекен» (18 орун).

Шайлоонун жыйынтыгын чечмелөөдө бир катар эксперттер өлкөдөгү саясий процесстеги кээ бир өзгөчөлүктөргө жана өнүгүү багытына көңүл бурушкан. «Бул шайлоодо парламентаризмдин күткөнү башка – патернализм тенденциясына айланып кетти», дейт «Азия Плюс» борборунун директору Эльмира Ногойбаева. Анын ою боюнча, «партиялардын бир бөлүгү парламентке патерналисттик толкун менен келишти, [бул тенденция байкалат] өкмөттү түзүүдө да, ошентип эми партиялардын өздөрүнүн милдеттенмелери бар [патрондорунун алдында]». Ошондой эле саясий күрөштө улуттук фактор да өсүп жаткандыгы жөнүндөгү пикирди «кыргыз элитасынын белгилүү бир бөлүгүндө шайлоо алдында мыкты уюшкандык болгонун» жана ушунун натыйжасында алар парламентке келишкендигин айтты.

**ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

Ошону менен катар Кыргызстандын келечектеги өкмөтү бир нече партиялардан куралаарын жана аны түзүү бир топ кыйынчылыктар менен коштолоорун эксперттер божомолдошту.

Дагы бир видеоконференция 6-декабрда өткөрүлдү. Ал мезгилде парламенттин биринчи курама өкмөттү түзүү аракети оңунан чыкпай калган эле. Эльмира Ногойбаеванын пикиринде, кандай гана коалиция болбосун анын натыйжалуулугу жана канчага созулаары азыр суроо бойдон калууда, анткен менен партиялар өз багыттары боюнча карама-каршы көз-караштарды карманышат. Бирок бир катар саясий партиялардын өкүлдөрүнүн пикиринде, өлкөдө болуп жаткан көрүнүштөр башкаруунун бир формасынан экинчи бир формасына өтүүдө нормалдуу көрүнүш. «Биз биринчи жолу парламенттик системаны түзүп жатабыз. Менин оюмча бизге тажрыйба жетишсиздик кылып жатат, бирок бул элимдин башына түшкөн кайгы эмес – биз үйрөнөбүз», - деди парламенттин «Ата Мекен» фракциясынын депутаты Равшан Жээнбеков.

Саясий аналитик Марс Сариев «парламентаризм системасы жаңы типтеги саясатчыларды калыптандырат», деп алар ачык макулдашып, ачык иштешиши керектигин айтты. Болуп жаткан саясий күрөштү анализдөөдө «бизди сырттан моделдештирүү» болуп жатканын эстен чыгарбоо керектигин билдирди. Анын пикиринде Сырткы күчтөр Кыргызстандын ички иштерине олуттуу таасир көрсөтө алат.

Жолугушуунун жыйынтыгын чыгарып жатып катышуучулар башкаруу коалициясындагы стабилдүүлүк жана келечекте өкмөттүн ишинин натыйжалуулугу стабилдүүлүккө муктаж болуп турган өлкөнүн негизги чакырыгы экендигин белгилешти. Бирок 2011-жылда өткөрүлүүчү алдыда турган президенттик шайлоо саясий күрөштүн динамикасын өзгөртпөйт, буга кээ бир саясатчылардын бүгүнкү күндөн баштап даярдана башташы далил.

## ТАЖИКСТАНДАГЫ МИГРАНТ АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮНӨ АРНАЛГАН ТЕГЕРЕК СТОЛДОР СЕРИЯСЫ

2010-жылдын 25-ноябрынан 6-декабрына чейин Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун Тажикстандагы өкүлчүлүгү «Адам укуктары боюнча борбор» деп аталган коомдук уюм менен өнөктөштүктө Кожент, Хорог, Коргон-Төбө, Тажикабад жана Дүйшөмбү шаарларында эмгек мигранттарынын аялдары менен балдарынын бир топ курч көйгөйлөрүн талкуулоо боюнча тегерек столдордун сериясын өткөрүү демилгесин көтөрүп чыгышты.

Коомдун түрдүү катмарларынан – бейөкмөт уюмдардын активисттери, жергиликтүү бийлик органдары, укук коргоочулар жана журналисттер, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү – баардыгы болуп 150дөн ашык өкүл катышкан тегерек столдун жүрүшүндө эмгек миграциясынын Тажикстандагы үй-бүлө институтуна негативдүү таасир берип жатышы талкууланды.

Ошентип, Орусия Федерациясынын федералдык миграция кызматынын маалыматына ылайык, 2010-жылдын 1-январынан 20-октябрына чейин Тажикстандан Орусиянын аймагына 929 миң адам чыгып кеткен. Алардын басымдуу көпчүлүгү жумуш издеп кетип жатышат. Орусиянын расмий маалыматына ылайык, Тажикстандан кеткен эмгек мигранттары жыл сайын өз өлкөсүнө 2 миллиард долларга чейин которуп турушат, бул Тажик Республикасынын киреше бөлүмүнүн 40%га жакынын түзөт. Катышуучулар эмгек миграциясынын бирден-бир терс таасири коомдогу социалдык байланыштын начарлашы болуп жаткандыгын белгилешти. Коомдогу байланыштын начарлашы үй-бүлөлөрдүн бузулуусун күчөтүүдө, биринчиден аялдардын абалы начарлоодо. Алар бир катар социалдык, мүлктүк, турак-жай жана экономикалык көйгөйлөргө туш болушууда. Ошондой эле, үй-бүлөнүн бузулушу менен же ата энелердин эмгек мигрантына айланышынын натыйжасында кароосуз балдардын саны өсүүдө, ушундай үй-бүлөлөрдөн чыккан балдар кооптуу жагдайларга туш болууда. «Тажикстандагы эмгек миграциясына байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө эмгек мигранттардын барган өлкөдөгү укугун гана коргоого албастан, эмгек мигранттардын Тажикстанда калган үй-бүлө мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын жана укуктарын эске алган комплекстүү чараларды көрүү зарыл», - деп эсептейт «Перспектива Плюс» бейөкмөт уюмунун башчысы Ойнихол Бобоназарова.

Бул жолугушуудагы талкуунун жүрүшүндө учурдагы абалды жакшыртуу боюнча зарыл болгон сунуштар иштелип чыкты. Сунуштар Тажик Республикасынын өкмөтүнө жана кызыккан уюмдарга жөнөтүлөт.

## «БАЛДАР УКУГУН КОРГОО» БОЮНЧА ЧЫМКЕНТТЕГИ ТЕГЕРЕК СТОЛ

7-декабрда Чымкентте «Адам укуктарын коргоо жана ММКнын жардамы менен Борбордук Азияда укуктук билим берүү» долбоорунун алкагында Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) Казакстандагы өкүлчүлүгү укук коргоочу «Медиа Оңтүстык» уюму менен биргеликте уюштурулду».

Иш-чарага Түштүк Казакстан облусунун мамлекеттик түзүмүнүн өкүлдөрү, тагыраак айтканда облустук администрациянын алдындагы Аялдар жана балдар укугу боюнча комиссиясы, Жашы жете элек балдардын иши боюнча мамлекеттик инспекциясы, ошондой эле жергиликтүү укук коргоо уюмдары жана ММКнын өкүлдөрү катышышты.

Тегерек столдун максаты – аймактарда балдар укуктарын коргоо боюнча иштеп жаткан компетенттүү ведомстволорго, укук коргоочу уюмдарга жана бул облустагы көйгөйлүү маселелерге – ата-энелердин кароосунан сыртта калган балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, алардын билим алуу мүмкүнчүлүгү, мамлекеттик укуктук механизмдердин натыйжалуулугу сыяктуу маселелерди көңүл борборуна алуу болду.

Жыйынтыгында бийликтин жергиликтүү жана борбордук органдарына сунуштар кабыл алынды: балдар укуктарын коргоо жаатында мыйзам топтомдорун мыктылоо, Балдар укуктары боюнча эл аралык Конвенцияны ратификациялоо, Балдар укуктары боюнча Акыйкатчы кызматын уюштуруу, атайын адистештирилген «ювеналдык» сотту түзүү жана ММКда балдар укуктарынын көйгөйлөрүнүн чагылдырылышына көбүрөөк көңүл бөлүү.

## АКТУАЛДУУ МАЕК

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ЭТНИКАЛЫК ӨЗБЕКТЕРДИН УКУКТАРЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИЛИШИ ЗАРЫЛ



*Кыргыз бийлиги биринчи кезекте өлкөнүн түштүгүндөгү июнь окуялары боюнча сот процессинин коопсуздугун камсыз кылуусу зарыл. Мындай пикирди Хьюман Райтс Вотч (Human Rights Watch) эл аралык укук коргоо уюмунун Европа жана Борбордук Азия боюнча бөлүмүнүн директорунун орун басары Рейчел Денбер билдирди*

*Хьюман Райтс Вотч өкүлүнүн пикиринде, июнь окуялары боюнча объективдүү расмий маалыматтын жоктугу, негизги күнөөкөрлөрдүн жазаланбашы кыргызстандык өзбектердин укуктарына терс таасирин тийгизип жатат.*

**IWPR:** Кыргызстандын түштүгүндөгү активисттер этникалык өзбектердин укуктарынын бузулуу фактыларын айтып жатышат, ал эми ошол эле мезгилде расмий органдар андай көрүнүштөрдүн болбогондугун бышыктоодо. Бул боюнча Кыргызстандын түштүк аймагындагы абалга мониторинг жана сот процесстерине көзөмөл жүргүзүү менен алектенген Хьюман Райтс Вотч уюмунун укук коргоочуларынын байкоосу кандай?

**Рейчел Денбер:** Биз жакында шайланган депутаттар тарабынан түзүлгөн КРнын жаңы өкмөтүнө жөнөтүүгө кат даярдадык.

Биз анда Ош жана Жалал-Абад окуялары боюнча сот процесси жүрүп жаткан учурда күнөөлөнүп жаткан адамдардын, күбөлөрдүн, адвокаттардын, укук коргоочулардын коопсуздугунун сакталбай жаткандыгын көрсөттүк. Хьюман Райтс Вотч эл аралык укук коргоо уюму кордук көрсөтүү жагдайларын изилдөө зарылчылыгын белгилейт.

Биз Кыргыз бийлигин сот процессине катышуучуларынын баарынын коопсуздугун камсыздоого, күбөлөргө жардам берүү демилгесин көтөрүүгө, коркутуулардын бардык түрүнө соттордун туура мамиле жасоосуна чакырабыз.

Бирок, бул жетиштүү эмес. Коопсуздуктун адекваттуу күчтөрү керек, анткени мыйзамсыздыктын улантылышы конфликттин эскаллациясына шарт түзөт. Бардык ушул маселелер этникалык өзбектерге тиешелүү, анткени күнөөлөнүүчүлөр негизинен ошолор болушууда.

Хьюман Райтс Вотч сот процессин мезгилинде биздин уюмдун изилдөөчүлөрүнүн байкоо жүргүзүүсүнө негизделип күнөөлөнүп жаткан адамдарга, адвокаттарга жана алардын туугандарына болгон кол салуу фактыларын келтирет. Мисалга, мындай көрүнүш 2010-жылдын 13-октябрындагы жана 4-ноябрындагы сот процессинде катталган.

*Өкмөттүн расмий адамдары тарабынан жасалган түрдүү билдирүүлөр, окуяны иликтөөдө жана этникалык өзбектерди соттук куугунтуктоо болгон жок.* Мисалы, ноябрда Кыргыз Республикасынын президенти Роза Отунбаева: «Кыргызстандын түштүгүндөгү сот процесстеринде өзбек улутундагыларды дискриминациялоо болгон жок» - деп билдирген.

Бирок мониторинг муну тескерисинче көрсөтүүдө. Августта кыргыз прокуратурасы кармалган 243 адамдын 29 этникалык кыргыздар экендигин, ал эми калган 200дөн ашыгын өзбектер түзөөрүн тактаган.

Отунбаеванын сөзүнө ылайык, Ош аймагында 100 этникалык өзбек июнь айындагы башаламандыкка күнөөлүү деп табылган, ошону менен катар күнөөлөнүп жаткан этникалык кыргыздар бардыгы 9 киши болгон.

Хьюман Райтс Вотч уюмунун жеке изилдөөлөрү

**АКТУАЛДУУ МАЕК**



көрсөткөндөй, кылмыштуулук кыргыздар тарабынан да, өзбектер тарабынан да жасалган, бирок камалгандардын жана курмандыктардын негизги массасы этникалык өзбектер болгон.

Сот процессиндеги коопсуздуктун жоктугунан кимдер жапа чегүүдө? Булар – этникалык өзбектер: айыпталуучулар, күбөлөр, туугандары, юристтер. Бирок прокуратура мыйзам алдында баардыгы бирдей жана ушул себептен этника маселеси каралбайт деп билдирген.

**IWPR:** Учурда Кыргыз бийлиги «биз элдерди өзбек же кыргыз деп бөлбөйбүз, алардын ар бири биздин өлкөнүн жарандары жана жаран катары жоопкерчиликке тартылышы керек», - деп айтышууда.

**Денбер:** Качан бийлик этносту көрбөй жатса, демек ал бир нерсени жашырып жатат, мүмкүн мунун артында чыныгы абалды туура баалабаган адилетсиздик жашырынып жаткандыр.

Укук коргоочу коомчулук муну изилдеп жатышат жана артка көз чаптыруу менен расмий адамдардын мындай билдирүүлөрү жакшы көрүнүш эмес. Мындан бийлик фактылар боюнча объективдүү маалыматтарды чогултпай жатат, июнь чыр- чатагы боюнча адилет иликтөө жүргүзбөй жатат деп жыйынтык чыгарууга болот.

Мүмкүн бул чыр чатактын тамыры этникалык эмес, андан да тереңде жаткандыр, бирок кагылышуу эки этностун ортосунда болду, ошондуктан өкмөт өз башын кумга жашыра албайт. Колдогу болгон маалыматтар кылмыш иштерин эки жакка бирдей ачылбагандыгын көрсөтүүдө. Катачылыктар бар.

**IWPR:** Укук коргоочулар Ош жана Жалал-Абад коогалаңы мезгилинде жарадар болгондор медициналык жардам ала алышкан эместигин, алар жергиликтүү дарыгерлерге кайрылуудан коркушуп бүгүнкү күнгө чейин үйлөрүндө жатышкандыгын билдиришүүдө. Сизде ушундай маалыматтар барбы?

**Денбер:** Мындай маалыматтар август айында катталган, муну кылдат иликтөө керек.

**IWPR:** Учурда Түштүктө иштеп жаткан Эл аралык көз карандысыз комиссиянын мүчөлөрү (Kyrgyzstan International Inquiry Comission), алардын отчёттору декабрдын ортолоруна даяр болуп калышы мүмкүндүгүн маалымдашты. Аны элге жарыяласа канчалык деңгээлде өзбек маселесине таасирин тийгизет деп ойлойсуз?

**Денбер:** Кайсы бир маалымат же белгилүү бир билдирүү этникалык өзбектердин абалына таасирин тийгизет деп айтуу кыйын. Мен ойлойм баарын биргеликте изилдөө керек деп. Бирок негизгиси – бул докладка кандай реакция болот, Кыргыз бийлиги отчётту окугандан кийин кандай кадамдарды жасайт ошондо турат.

Маекти IWPRдын Өзбекстан жана Түркмөнстан боюнча редактору **Инга Сикорская** уюштурду.

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды.*

**АКТУАЛДУУ МАЕК**

# КЫРГЫЗСТАНДЫК ӨЗБЕК КАЧКЫНДАРЫ ӨЗДӨРҮН «КАРООСУЗ КАЛГАНДАЙ» СЕЗИШҮҮДӨ




*Мухаммадкадыр Карабаев Кыргызстандын түштүгүндөгү кандуу окуядан кийин качып, беш айдан бери Фергана өрөөнүнүн өзбек тарабында качкындардын арасында турат. IWPRга берген маегинде ал бул мыйзамсыз качкындар кантип жашап жаткандыктары, эмне үчүн өз жерлерине кайтып кеткилери келбей жаткандыгын айтып берди*

**Мухаммадкадыр Карабаев:** Биздин эсебибиз боюнча Андижан, Наманган жана Фергана облустарындагы туугандарынын үйлөрүнө жайгаштырылган эки миңден ашыгыраак качкын калып жатат. Бул адамдар ушул жылдын июнь-июль айларындагы Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад облустарындагы этникалык кагылышуудан кийин Өзбекстандын аймагына качып кирген жүз миң өзбектин ичине кирет. Бул качкындардын ичинде ошол эле аймактардан болбостон КРнын башка облустарында жашаган биздин тууган туушкандарыбыз да бар.

**IWPR:** Бул адамдардын абалы кандай?

**Карабаев:** Качкындардын тобу аралашкан. Алардын ичинде ден соолугу чыңдары да, медициналык жардамга муктаж болуп жаткандар да бар. Алардын көпчүлүгү туугандарыныкында жашашса, кээ бирлери батирлерде жашап жатышат. Кээ бирлери Орусияга кетип калышты.

**IWPR:** Жайында кыргыз бийлиги качкындар өз өлкөсүнө кайтып келишти, аларга жардам көрсөтүлүп, убактылуу турак жайлар курулуп жатат деп билдиришти. Сиздин оюңуз боюнча бул качкындар эмне үчүн өз жерлерине кайтышкан жок?

**АКТУАЛДУУ МАЕК**



**Карабаев:** Бул адамдар Кыргызстандын түштүгүнө кайтуудан коркуп жатышат. Булардын ал жактагы үйлөрү өрттөлгөн, жакын адамдары өлтүрүлгөн, ал жакта азыркыга чейин тынч эмес, алардын коопсуздугуна эч ким кепилдик бербейт. Сиздин эсиңизде бардыр, июль айында биздин кээ бир аялдар балдары менен өздөрүнүн жерине барууга аракет кылышкан, бирок ал жерде өзбектерге карата адамдарды уурдоо сыяктуу зордук-зомбулук улантылган, ошондуктан алар кайрадан Өзбекстанга качууну чечишкен, анткени бул жерде тынч. Ал эми Кыргызстанда калгандар бийлик аларга жардам берет деп ойлошкон, бирок алар кароосуз калышты.

**IWPR:** Легалсыз түрдө Өзбекстандын аймагында калып жаткан сиздердин жамааттын кандай ойлору бар?

**Карабаев:** Биз өзүбүздүн Ата Мекенибизде баары өз калыбына келет деп көпкө чейин үмүттөндүк. Бирок биз азыр бийликке ишенбей калдык, анткени түштүктө өзбектерди кыйын абалда кармап турган уюшулган кылмыштуу топтор өздөрүн ээн эркин сезишип жаткандыктарын маалымдап жатышат. Биз соттук териштирүүлөрдүн жана куугунтуктоолордун жүрүп жаткандыктары жөнүндө да кабардарбыз. Кыргызстандын жана Өзбекстандын укук коргоочулары катышкан ЕККУнун Астанадагы саммитинен көп нерсени үмүттөндүк эле, бирок биздин билишибизче кыргызстандык укук коргоочулар өз коопсуздугунан коркуп, өзбек маселесин көтөрүүдөн баш тартты, абалга да таасир бере алышпады.

ЖККУнун саммитинен [14-декабрь] кийин бир аз үмүтүбүз жана түштү. Кыргыз бийлиги убадаларды берип жатат, биз менен жолугушууга жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү сунуш кылып, ал тургай ортомчулар да бар. Бирок, негизги көйгөй, аларга карата биз тараптын ишеничи кеткендигинде. Алар сөз бериши берип коюп, жасаганы такыр башка нерсе болушу мүмкүн.

**IWPR:** Качкындар тобу кандай шартта кайрадан өз жерлерине кайтышы мүмкүн?

**Карабаев:** Айтуу кыйын, анткени учурдагы шартта эч ким бизге кепилдик бере албайт. Июнь коогалаңынан кийин Андижанга жергиликтүү аким жана качкындар менен жолугушууга [22-июль, 2010-жыл] КРнын Жалал-Абад облусунун губернетору Бектур Асанов келгенде, ал Кыргызстандын аймагында өзбектерге эч ким тийбейт, баары көзөмөлдө деп сөз берген. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин көзөмөл жок экендигин, өзбектер шектенүүлөргө, камакка алууларга кабылып жатышкандыгын бизге маалымдашууда. Андан сырткары жүздөгөн өзбектердин өлүмүнөн кийин, кагылышуу оор бронотехниканын жардамы менен басылса да, бүгүнкү күнгө чейин күнөөкөрлөр кармалып жазасын алыша элек. Бирок этникалык өзбектердин арасында баш аламандыкка катышкандыгы үчүн соттолгондор бар. Жыйынтыгында өз үй-жайын, балдарын каракчылардан коргошкон өзбектер бат эле күнөөлүү деп табылып, адам өлтүргөндөр деп аталып калышты. Ал эми бул каргашалуу окуяны чыгаргандар эмдигиче эркиндикте жүрүшөт.

**IWPR:** Өзбек бийлиги алардын аймагында кыргызстандык качкындар тобунун бүгүнкү күнгө чейин болушуна кандай карап жатышат?

**Карабаев:** Жергиликтүү бийлик бизге эч кандай жардам көрсөткөн жок. Эки күн мурда Ташкенттеги эл аралык Кызыл ай уюмунун өкүлчүлүгүнө бизге дары-дармек, тамак- аш, жылуу кийимдерден жардам берүүсүн суранып кайрылдык. Анткени качкындардын эч нерсеси жок. Биз БУУнун, ЕККУнун жана ЕСнун бардык эл аралык уюмдарына кайрылдык, чет өлкөлүк уюмдардын өкүлдөрүнө өз көйгөйлөрүбүздү айтып кайрылдык, бирок маселе азырынча чечилбей жатат. Биз эмне кылышыбызды билбей жатабыз.

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды.*

## АТАЙЫН РЕПОРТАЖ

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАКЫРЧЫЛЫК ӨЛКӨДӨ БАЛДАР ЭМГЕГИН КОЛДОНУУГА ТҮРТКҮ БОЛУУДА



*Өлкөдөгү оор турмуш балдардын мектепти таштоосуна себеп болууда*

«Жол бергиле, жол, жол!» - деп кыйкырган арыкчырай өспүрүм, Кыргызстандын борбору Бишкектин жер-жемиштерди саткан дыйкан базарында, көп элдин ичинде араба менен өзүнө жол ачып келе жатты.

Бул болгону 15 жаштагы Нурлан аттуу өспүрүм. Ал өз ишин жакшы билет. Анткени ал өз арабасында эки жылдан бери жүк ташыйт.

Ал эртең мененки саат беште турат, ал эми эки сааттан кийин арабаны ижарага алат да, өз ишин баштайт. Нурлан 100 килограммга чейинки жер-жемиштерди сатып алуучулардын авто унаасына чейин, кээде аралыгы 20 мүнөттү алган бир базардан экинчи базарга жеткирет.

Жыл мезгилдерине ылайык бул базарда араба түрткөн өспүрүмдөрдүн саны 150дөн 200гө чейин жетет. Ушундай эле көрүнүш Кыргызстан боюнча башка базарларда да байкалат. Бул базарда араба түрткөндөрдүн эң жашы 14 жашты түзсө, ал эми башка базарларда мындай ишти жашы 10 жаштан кичине балдар да жасашат.

Нурландын тарыхы адаттагы көрүнүш. Анын атасы ичип кеткендиктен, апасы Кенже балдары менен кошо андан кетип калган (эң чоң уулу – Нурлан). Бул үй-бүлө эки жыл мурун Чүй облусунун бир айылынан борбор шаарга жакшы турмуш издеп келишкен

«Качан биз апам жана инилерим болуп Бишкекке келгенден кийин, мен дароо эле иш издей баштадым. Апама жардам бергим келди. Байкем түшүм базарында балдар жакшы акча табаарын айтып, мага ошол жерде иштөөнү сунуш кылды. Албетте, ал жумуштун оор экендигин эскерткен, бирок мени ал тынчсыздандырган жок, кантсе да мага акча табуу маанилүү эле», - деди Нурлан.

Нурлан анын жумушу оор экендигин мойнуна алат. Ал базардагылардын ага карата тоотпоочулук мамилесин айтты.

«Араба түртүп иштеп жүргөндөн бери мага жаңы үйрөнчүк эшекке мамиле кылгандай мамиле жасаганына мен көнүп баратам, кардарларымдын кыйкырыгын оңой эле көтөрөм. Мен бул басмырланган абалдан суурулуп чыккым келет, акча топтоп билим алып башка жакшыраак иш караштыргым келет, бирок азырынча анте албайм», - деди ал.

Учурда Нурлан орто мектептин 8-классында окушу керек эле. Бирок толук күн иштөө үчүн, ал бир жыл мурда мектепти таштап койгон. Ал окууну уланткысы келет, бирок жакынкы арада андай кыла албастыгын түшүнүп турат.

Анын үй-бүлөсү анын күндө таап келген 5-10 долларына көз каранды болуп турат. Анын апасы базарда тамак-аш жасап сатат. Апасынын айлыгы менен алганда ал үй-бүлөнүн бир айлык тапкан кирешеси 175 долларды түзүп, анын ичинен 55 доллары жашаган батирдин ижара акысын төлөөгө кетет.

Кенже баласын мектепке жибере албай жатканына өкүнөт, бирок ал артка айылга да кете албайт, анткени ал жакта анын күйөөсү үйүндөгү болгон «тамак ашты ичип түгөтүп болгон, балдарды токмоктойт».

“Биз бул жерде эптеп жакырчылыктан чыга алабыз», - дейт ал. Бул интервьюдан кийин Кенже айлыгы

**АКТУАЛДУУ МАЕК**

көбүрөөк болгон кийим тигүү жаатында иш табып, турмуш-тиричиликтин бир аз жакшырганын билдирген.

## ОН БАЛАДАН ТӨРТӨӨСҮ ИШТЕШЕТ

Иштеп жаткан балдардын саны тууралуу так маалымат жок. 2007-жылкы гана маалыматтар бар. Бул статистикага ылайык, Кыргызстандагы 40%дан ашык балдар тигил, же бул жерлерде иштешет. Бул маалыматта кайсы балдар толук эмес иштешээрин, мектепке барганы, барбаганы айтылган эмес.

«Эл пикири» коомдук ой пикирди окуп-үйрөнүү Борборунун ЮНИСЕФ менен биргеликте өткөрүлгөн изилдөөсү көрсөткөндөй, 40 миңден ашык балдар – бул окууга барган балдардын жалпы санынын 4%га жакыны 2007-жылы такай мектепке барышкан эмес. Бейөкмөт уюмдардын айтуусунда, чыныгы турмушта бул көрсөткүч үч эсе көптүк кылат. Демек 14% балдар билим ала албай жатышат.

Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) Бишкектеги өкүлчүлүгү IWPRга бир катар бейөкмөттүк уюмдардын топтогон маалыматы боюнча мектепке 120миң бала барбай жатышат деп билдирген – бул «Эл пикири» уюму маалымдагандан 3 эсе көп (Кыргызстан: «бекер» билимдин кымбаттыгы деген макаладан окуй аласыздар).

«Кыргызстанда иштеп жаткан балдар боюнча расмий статистика жок. Жер-жерлердеги жетекчилер (облустук билим берүүнүн башкармалыгынын башчылары) так санды айтуудан коркушат. Эгер алар чыныгы көрсөткүчтү берсе, алар иштен четтетилет. Ошондуктан мындай балдарды бүгүнкү күнгө чейин эч ким каттоого албайт», - деди парламенттин жаңыдан шайланган депутаты, мурдагы билим берүү министринин орун басары Ирина Карамушкина.

Кыргызстандын Баш мыйзамы балдар эмгегин колдонууга тыюу салат. Өлкө бул маселе боюнча негизги эл аралык документтерди ратификациялаган - булар балдар укуктары боюнча БУУнун Конвенциясы, жумушка алуунун минималдык жашы тууралуу ЭЭУнун Конвенциясы, балдар эмгегинин колдонулушун токтотуунун тез арада көрүлүүчү чаралары жөнүндө ЭЭУнун (МОТ) Конвенциясы бар.

Улуттук мыйзам топтомдорунда иш ээси жашы 16га (же кээ бир атайын учурларда 15ке) жете элек балдарды жумушка ала албайт, деп даана жазылган.

Көмүскө экономикада чоң кишилер сыяктуу иштеп жатышкан балдардын жашыруун иштеши олуттуу көйгөй болуп турат. Алар чоңдорго караганда аз акча табышат жана өз укуктарын билбегендиктен бир топ тил алчаак келишет.

«Базарларда араба түрткөн балдар, иш ээлери менен жазма эмгек макулдашууларын түзүшпөйт жана ооз эки макулдашуунун негизинде иштешет. Анткени мыйзам балдар эмгегине тыюу салат, болгондо да ал жерде оор эмгекти жасап жатышпайбы. Балдарга оор жүктөрдү ташууга туура келет», - деди IWPRга Кыргызстандагы ЭЭУнун төрайымы Амина Курбанова .

Балдар тарабынан башка дагы таштандыларды чогултуу, товарларды базарда сатуу, унааларды жууп-тазалоо сыяктуу жумуштар жасалат. Курбанова белгилегендей, бир топ тынчсыздандырган нерсе, кээ бир учурларда балдар көмүр казуу, ыргытылган уран калдыктарынан темирлерди чогултуу сыяктуу жумуштарды аткарууда.

## БАЛДАР ЭМГЕГИ АЙЫЛ ЖЕРИНДЕ АДАТТАГЫ КӨРҮНҮШ

Балдар эмгегин көп колдонгон тармактын бири – бул айыл чарбасы болуп калууда, анткени ал жерлерде тартип коргоо органдарынын иштөөсү бир топ кыйын. Балдар ата-энеси үчүн кокусунан эле жумушту жасагандыгы (бул көпчүлүк стандарттарга ылайык келген көрүнүш) , же сааттап ошол жерде оор жумушту аткарып жатышы эч кимге белгисиз.

Карамушкинанын айтымында, кээ бир балдар ата-энесине жардам бергиси келсе, кээ бир «балдар окугусу келип турса да ата-энесинин мажбурлоосу менен иштешет».

Пенсиядагы мугалим Кокуш Сагыналиева жашоошарттын начарлоосу балдар эмгегине болгон мамилени өзгөрткөндүгүн айтты.

«Мурда балдар ата-энелерине, туугандарына жардам берип өздөрүнө пайдалуу тажрыйба алышчу. Балдар эмгеги ата-энелери, чоңдор тарабынан макулдашып жана жардам менен эксплуатациялоонун ортосунда чек болчу. Тилекке каршы, соңку жылдары калктын массалык жакырдануусу болуп, ушундан улам чоңдордун аң-сезиминде бул чек өчө баштады. Учурда балдарды кулдар жасаган эмгекке түртүп жатышат. Ким күнөөлүү? Мамлекетпи? Ата-энелерби? Балдарды эксплуатациялап жаткан элдерби? Менимче алардын баары», - деди ал.

Нурболсун Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан Талас облусунун Кең-Арал айылында төрөлгөн 15 жаштагы өспүрүм. Ал айыл жеринде катардагы өспүрүм жумушчу. Ал мектепке барат, бирок жазгы үрөн себүү, күзгү түшүм жыйноо мезгилинде сабактарын толук калтырууга туура келет.

«Жазында жана күзүндө менин бардык классташтарым талаада, бул мезгилде мугалимдер деле ишке келишпейт», - деди ал.

Нурболсун алардын үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон жерде иштейт. Алар ал жерде өздөрүнүн негизги кирешеси болгон төө буурчак өстүрүшөт. Андан сырткары өспүрүм кой кайтарат жана картөшкө өстүрүү менен алектенет.

«Мен жаш кезимден бери, 7-8 жашымдан тарта талаада эмгектенем. Азыр бардык чарбаны мен жүргүзөм. Учурда мектепке барбай жатам. Колум бошобойт», - дейт ал.

Нурболсун билимдүү үй-бүлөдөн чыккандыгын айта кетүү керек. Анын атасы - дипломдуу экономист, бирок ал өз кесибинде иш таба албагандыктан талаада иштейт. Апасы – кичи класстардын мугалими, бирок ага бул кесип көп пайда алып келбейт. Алардын беш баласы жана арзыбаган пенсия алган чоң энеси да бар.

Нурболсундун маркум чоң атасы мектептин директору болгон. Ал кайсы бир мезгилде чоң атасынын жолун жолдогусу келген. Ага мектепте окуган жагат, ал сабактарды көп калтыргандыктан билими толук болбошун түшүнөт жана ал чоңойгондо ишкердик менен алектенип, өз ишин анча чоң эмес кафе ачуу менен, же жерди ижарага берүү менен баштагысы келет.

Эксперттердин айтымында, балдардын мындай мектеп сабактарын калтырышы жетишсиз билим алган муундун өсүп чыгуусуна алып келет жана сабаттуулуктун деңгээли төмөндөйт, ошол эле кезде жакырчылыктан чыгуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

«Көзөмөлсүз балдар эмгегинин колдонулушу билим берүүнүн сапатынын начарлашына алып келип, кээде балдардын ден соолугуна зыян келтирет», - дейт көз карандысыз укук коргоочу Елена Воронина.

**АРНАЙЫ РЕПОРТАЖ**



МУРДАГЫ БИЙЛИКТИН ИШ ЭЭЛЕРИНЕ БОЛГОН ЖУМШАК МАМИЛЕСИ

Бүгүнкү күнгө карата балдар эмгеги боюнча жүргүзүлгөн иштердин көп бөлүгү бейөкмөттүк уюмдарга тиешелүү. Ошондой эле эксперттер проблеманы чечүүгө мамлекеттик мекемелердин күчүн бириктирүү керек жана ата-энелердин балдар жасаган тынымсыз оор эмгек менен аларга жардам берүү максатында кез-кезде жасаган эмгектин ортосунда айырмачылык чоң экендигин түшүнүүсү зарыл.

Карамушкинанын айтымында, айыл чарба тармагында балдар эмгеги маселеси бир топ олуттуу болгондуктан керектүү мыйзамдарды ишке ашырууда саясий эрктин жетишсиздиги байкалат. Өз кезегинде жергиликтүү бийлик дыйкан чарбаларга кысым жасоодон коркот, өз кезегинде алар болсо арзан жумушчу күчүн колдонгусу келишет.

«Кандайдыр бир жобо кабыл алып, аны аткарууга милдеттендирүү зарыл», - деди ал.

Эмгек министрлигинин алдындагы жаштар эмгек биржасынын жетекчиси Азиз Ахмедов, балдар эмгегин колдонгон иш ээлерин жоопкерчиликке тарткан окуялардан бир экөө эле белгиленгендигин айтты.

«Азыркы кезде түрдүү мамлекеттик инспекциялар бар, бирок базарларда экономиканын башка секторлорунда балдар чоң көлөмдөгү жумуштарды аткарып, балдар организмине оорчулук келтирген чоң өлчөмдөгү жүктөрдү ташышат жана ушулардын баары жазасыз калууда», - дейт Ахмедов.

Өз атын атагысы келбеген жаштар уюмунун мүчөсү коррупция өтө өөрчүгөндүктөн, жазадан жөн эле качып кутулса боло тургандыгын айтты.

«Иш ээлерине текшерүү менен келсе дагы, бат эле ага сатылып кетишет», - деди ал.

Карамушкинанын айтымында бир катар мамлекеттик мекемелердин – саламаттыкты сактоо, билим берүү министрликтери, жаштар иши боюнча министрлик, баарынан да мурда эмгек жана миграция министрлигинин алдындагы балдарды коргоо департаменти кийлигишүүсү зарыл. Ал бул департаменттин натыйжасыз иштеп жаткандыгын белгилеп кетти: «алар кээде тегерек столдорго барышат, бир нерселерди айтышат, андан ары алар эч нерсе жасабайт».

Карамушкина, азыр түзүлүп жаткан жаңы өкмөт биринчи кезекте балдар эмгеги маселесин көтөрүп чыгып, балдар эмгегин коргоо Департаменти өз милдеттерин аткарбаса, КР Президентинин алдында балдар укуктары боюнча атайын өкүлчүлүк кызматын киргизүүгө аракет кыла тургандыгын кошумчалады.

Карамушкинанын айтымында айыл чарбасынын иштеринин күчөгөн мезгилдеринде жетишсиз жумушчу күчүн жабууга турмуштук тажрыйбалар бар. Мисалы, ЖОЖдордун жана атайын орто окуу жайларынын студенттерин убактылуу жумушка тартуу чаралары.

«Адилет» укуктук клиникасынын жетекчиси Чолпон Жакупованын ою боюнча, балдардын мектепке баруусу чечүүчү фактор болуп саналат.

«Башталгыч бекер билим алуу балдардын укугу эле болбостон, милдети да болуп саналат.

Ким алардын мыйзамдуу милдетин аткаруусуна тоскоол болсо, алар өздөрү мыйзамды бузушат жана ал үчүн жоопко тартылышы керек», - деди ал.

Бирок, мындай абалдын пайда болушуна алып келген негизги абал - жакырчылык. Кыргыз бийлиги муну тез арада жоёт деп айтуу өтө кыйын. Экономикалык каатчылыктын учурунда жаңы өкмөт өлкөнүн июнь окуялардан кийин жабырланган түштүк жергесин калыбына келтирүү үчүн кошумча чыгашаларга кириптер болду.

Суроолорго жооп берген кээ бир инсандардын аттары өзгөртүлгөн. ●

**Асыл Осмоналиева, Гүлзат Абдурасулова –** Борбор Азиядагы адам укугун чагылдыруу долбоору

# КАЗАКСТАН

# ӨЗБЕКСТАНДЫК КАЧКЫНДАР КАЗАКСТАНДАН ДЕПОРТАЦИЯЛАНГАНЫ ТУРУШАТ



*Эл аралык стандарттардын ратификацияланганына карабастан Казак бийлиги качкындарга карата жаңы мыйзамды колдонууда.*

Казакстандагы жаңы мыйзамдын жана эрежелердин күчүнө кириши менен качкындар тобу кайрадан өз өлкөсүнө депортациялоо коркунучу алдында турушат. Анткени Казакстанда кабыл алынган жаңы мыйзам качкындар менен иштөө боюнча эл аралык милдеттенмелердин алдында көп артыкчылыктарга ээ.

Укук коргоочулар баш калкалоо алууга умтулуп жаткан качкындар Өзбекстанга кайрадан кайтарылса, алар кармалып, зордук-зомбулукка кабылышаарын айтышууда.

Казакстанда качкындар макамын алууга аракет кылышкан Өзбекстандык 29 жаран ушул жылдын июнь айында ички иштер департаменти тарабынан жүргүзүлгөн мыйзамсыз мигранттарды издөө мезгилинде кармалган 45 адамдын ичине кирет.

Алардын 15и кийин коё берилген эле, анткени Өзбек бийлиги аларды депортациялоо талабын коюшкан.

Өзбек бийлиги аларды бир катар мыйзам бузууларга күнөөлүү деп айыптоодо. Мисалы терроризм, диний экстремизм жана тыюу салынган ислам топторуна мүчө деген сыяктуу айыптоолор айтылууда. Кармалгандардын баары мындай айыптоолорду четке кагышууда.

Кармалгандардын 30нун ичинен 17синин БУУнун качкындар иши боюнча жогорку комиссариаты (УВКБ ООН) тарабынан берилген сертификаттары бар. Анда бул адамдар баш калкалоо издеп жаткан адам катары катталгандыгы айтылган.

Бирок ошого карабастан, январда Казакстанда жаңы мыйзам күчүнө киргенден тарта, баш калкалоо берүү арыздары, Казак бийлигине же БУУнун качкындар иши боюнча башкармалыгына берилгенине карабастан, атайын комиссиянын кароосуна берилет, ал эми качкын макамын берүү же бербөө чечимин ошол комиссия чыгармакчы.

Август айында комиссия 30 качкындын ишин карап, баарынын талабын орундаткан жок. Качкындардын баары, бирөөсүнөн башкасы комиссиянын чечимин сотко берүү ниетинде болушууда.

Бир гана Хуршед Камилов каалаган жок, ал башкалардан айырмаланып Өзбекстандын эмес Кыргызстандын жараны болгон этникалык өзбек. Ал Казак бийлигинен качкын макамын берүүнү суранган жок. Ал эми август айында БУУнун качкындар иши боюнча башкармалыгы ага мурда берген качкын макамын жокко чыгарды.

Ушул себептен Камиловдун адвокаты соттун чечимине доо коё алган жок жана экстрадациялоо жөнүндөгү чечим өз күчүндө калды. 8-сентябрда Камилов Өзбекстанга жөнөтүлдү.

Казакстандын башкы прокуратурасы эмне үчүн ал өзү жарандыгы бар болгон өз өлкөсүнө депортацияланбай Өзбекстанга жөнөтүлгөндүгүн сураганда, ага жооп берүүдөн баш тартты. (Камиловго байланышкан кеңири маалыматты Казакстан-Өзбекстан: Эксдрадацияланган Камиловго байланышкан маалыматтын жоктугу», -деп аталган макаладан окуй аласыздар.)

Алматы шаары миграция боюнча комитеттин департаментинин директору Гүлсара Алтынбекова, IWPRга «эмне үчүн комиссия башпаанек берүү өтүнүчүн четке какты», –деген суроого комментарий берди. «Биз аларды качкындар деп тааный албайбыз, анткени алар өз өлкөлөрүндө диний жана экстремисттик уюмдарга катышышкан», - деди ал.

Арыздар териштирилип бүтөөрү менен кармалгандардын 29у тең Өзбекстанга депортацияланат.

Дениса Дживаги, Казакстандагы адам укуктарынын жана мыйзамдуулуктун сакталышы боюнча эл аралык бю-

**КАЗАКСТАН**




ронун юристи, сот комиссиянын чечимин жокко чыгараарына анча ишене бербейт.

Казакстан качкындар ишин иликтөө боюнча өз мыйзамдарын жетекчиликке алып жатканына карабастан, өлкө БУУнун зордук-зомбулукка каршы конвенциясын ратификациялады, бул Казакстанга кошумча белгилүү милдеттерди жүктөйт. Тагыраак айтканда, качкындар өз өлкөсүндө кыйноолорго кабылышы мүмкүн деген негизде Казакстан качкындарды өз өлкөсүнө депортациялабашы жана экстрадациялабашы керек.

Өзбекстанда кармалгандарга карата кыйноолордун колдонулгандыгы тууралуу олуттуу далилдер бар. Бул тууралуу БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин отчётунда айтылган, мындай маалыматты ушул жылдын март айында өзбек активисттери БУУга беришкен.

БУУнун УВКБ байланыштар боюнча Женевадагы адиси Бабар Балох, IWPRга качкындар менен иштөө иш-чараларына Казакстан тарабынан кандай гана өзгөртүүлөр киргизилбесин, экстрадациялоодон коргоо механизмдери өз күчүндө кала тургандыгын айтты.

«Качкындар жөнүндөгү жаңы мыйзамдын алкагында Казакстан 2010-жылдын январынан баштап качкындардын макамын аныктоо милдеттенмесин өзүнө алды. Адам укуктары жөнүндөгү эл аралык мыйзамга ылайык, качкын деп таанылган же таанылбаган адам белгилүү бир шарттарда экстрадациялоодон коргоо укуктарына ээ», - деди ал.

Казакстандагы жана анын чет жакасындагы укук коргоочулар качкындар жөнүндөгү мыйзамдын кээ бир бөлүмдөрү так жазылган эместигин, өзбек бийлиги берген далилдерди комиссиянын кабыл алышы, комиссия чыгарган чечимге олуттуу суроолорду жарата тургандыгын айтышууда.

БУУнун качкындар макамы жөнүндөгү Конвенциясына ылайык, Казакстандын мыйзамы эгер качкындын өмүрү өз өлкөсүндө коркунучка кабыла турган болсо, же ал дини, же саясий көз караштары үчүн куугунтуктоолорго кабылуусу мүмкүн болсо, анда ал адамды өз өлкөсүнө депортациялоого же эктрадациялоого тыюу салат. Бирок, эгерде качкын «тыюу салынган уюмга» мүчө деп айыпталып жатса, андай уюмдун ишмердүүлүгүнө Казакстанда же башка мамлекетте тыюу салынгандыгын тактабай туруп эле, ал качкындын өтүнүчү четке кагыла тургандыгы айтылган.




Сүрөттө: Өзбек качкындарын коргоо
боюнча Швецияда өткөн наразылык акциясы.

Адам укуктары боюнча эл аралык федерациянын (FIDH) өкүлү Кетрин Бут өз өлкөсүндө тыюу салынган диний уюмга мүчөлүгүнүн негизинде качкын макамын берүүнү четке кагуу Качкындар жөнүндөгү конвенциянын жоболоруна каршы келе тургандыгын айтты.

«Алардын бул диний уюмга [тыюу салынган] таандыктыгы мүмкүн ойдон чыгарылган нерседир, же далилденбеген жана диний мотив менен куугунтуктоодур», - деди Бут.

Казакстандык комиссия, өздөрүнүн чечимин, негизинен Өзбекстан – качкындарды экстрадациялоону талап кылган мамлекеттин берген далилдерине негиздеп жатышат. Бул БУУнун УВКБ тажрыйбасынан олуттуу оолактоо жана ар бир жагдай боюнча бир катар булактардан маалымат издешүүдө.

Казакстандын миграциялык полициясы менен иштеген, өз атын атагысы келбеген Алматыдагы прокурор мам-

**КАЗАКСТАН / КЫРГЫЗСТАН**

лекеттик түзүм башка мамлекеттердеги өздөрүнүн коллегалары менен кызматташуулары зарыл экендигин, бирок бул кандайдыр бир деңгээлде алардын ишмердүүлүгүн чектей тургандыгын билдирген.

«Айыпталып жаткан адамга коюлган кылмыш иши акыйкатпы же жокпу аны текшерүүгө биздин укугубуз жок. Биз кандай болсо ошондой кабыл алабыз», - деди ал IWPRга.

Дживага Казакстандык комиссияны күнөөлөбөй тургандыгын, анткени алар тек гана мыйзам талаптарын аткарып жатышкандыгын айтты. Тескерисинче мыкты иштелип чыкпаган мыйзам Казакстан өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерин аткаруусуна тоскоол болуп жаткандыгын айтты.

Мыйзамдын негизги максаты Казакстандагы жоболорду эл аралык конвенцияларга ылайык, алардын талаптарына жооп берген деңгээлге көтөрүүнү каалаганы менен, иш жүзүндө тескери натыйжа берип жатат, учурда өлкө өзүнө жүктөлгөн эл аралык милдеттерге эмес, эки тараптуу, аймактык депортациялоону жөнгө салууну артык көрүүдө.

«Биздин мамлекет үчүн каалаган эл аралык макулдашууларга караганда, аймактык макулдашуулар маанилүүрөөк», - деди Дживага.

**Андрей Гришин,** Казакстандагы адам укуктары жана мыйзамдуулуктун сакталышы боюнча эл аралык бюронун кызматкери.

## КЫРГЫЗСТАН

# КЫРГЫЗСТАНДА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН АРАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШТУУЛУКТУН САНЫН КАНТИП КЫСКАРТУУГА БОЛОТ




Сүрөттө: Вознесеновкадагы жашы жете элек балдар колониясынын аймагында илинип турган плакаттагы жазуу - «Эркиндикке таза абийир менен».

Елена Воронина тарткан сүрөт

*Өлкөдө жашы жете элек күнөөкөрлөргө эркиндикке чыккандан кийин жардам көрсөтүү максатында кеңири чараларды көрүү зарыл*

Адистердин айтымында, Кыргызстандын бийлиги жашы толо элек кылмышкерлердин эркиндикке чыккандан кийин коомчулукка оңой жуурулушуп кетүүсүнө өбөлгө түзүү үчүн камакта кармоо тартибин кылдаттык менен карап чыгышы керек.

Эркектердин абагында 18ге жашы жете элек кылмышкерлер орто мектептин базасынын чегинде билим алышат. Абакта кесиптик-техникалык билим алуу мүмкүнчүлүгү, социалдык адаптация боюнча программалар сыяктуу эле, жаңыдан гана жаралып келүүдө. Жаза мөөнөтүн өтөп, эр-

**КЫРГЫЗСТАН**

киндикке чыккан кылмышкерлер кайрадан кылмышка барышып, темир тордун артына кайра түшүп калбашы үчүн керектүү чаралар көрүлбөй келет. Жада калса, алардын жумуш издөө маселесине жана коомчулукка аралашып кетүүсүнө жетиштүү көңүл бурулбайт.

Кыргызстанда 14 жаштан 18 жашка чейин эркек өспүрүм кылмышкерлерди камакта кармоо үчүн бир гана мекеме бар (Кыргызстанда 14 жаштан кийин кылмыш жазасына тартылат). Бишкектен 70 чакырым алыстыктагы Вознесеновка айылындагы абакта 69 өспүрүм кылмыш жазасын өтөөдө. Алардын басымдуу көпчүлүгү оор эмес кылмыш үчүн соттолгон.

Абак тикендүү темир зым менен курчалган жана өспүрүмдөр тор терезелүү барактарда жашашат; абактын аймагында мектеп жана футбол аянтчасы бар. Кыргызстандын башка түзөтүү мекемелери сыяктуу эле, бул абак да окшош кыйынчылыктарды тартып келет. Бир катар бөлмөлөр жылыбайт, азык-түлүктүн жана кыш мезгилинде бут кийимдин жетишсиздиги өзгөчө байкалат.

14-18 жаштагы өспүрүм кыздар үчүн буга окшогон мекемелер өлкөдө жок жана бийликтегилердин айтымында, аны ачуу тууралуу пландар жок. Кыздар Чүй облусундагы Степное кыштагындагы аялдардын түрмөсүндө, жашы улуулардан өзүнчө бөлөк кармалышат. Азыркы учурда, ал жерде оор кылмыш үчүн соттолгон төрт гана кыз бар. Алар мектеп базасындагы билим алышпайт, бирок чач тарач сыяктуу өнөрлөрдү үйрөнүшүүдө. Оор эмес кылмыш иштеринде айыпталган өспүрүм кыздар шарттуу, же альтернативдүү жаза алышат.

14 жашка чейинки кылмышкерлер камакка алынышпайт. Алар үчүн жоопкерчилик жергиликтүү администрациянын социалдык кызматтарына жүктөлөт. Качандыр бир убакытта бул категориядагы адамдарга ылайыкталган атайын мектеп бар болчу. Бирок, ал балдарга туура эмес мамиле кылынып жатканын көрсөткөн мамлекеттик эмес уюмдардын талабы боюнча жабылган.

Мыйзам бузушкан балдар менен иштеген «Эгль» коомдук фондунун директору Чолпон Өмүрканова жаш тартип бузуучулар менен алар камакта жаткандан эле баштоо керек дегендердин катарына кирет. Вознесеновкадан ай сайын эркиндикке чыккан он баланын төртөө, же бешөө дагы башка кылмыш ишин жасаганы үчүн кайрадан кайрылып келишет.

Өмүркановананын айтымында, өспүрүмдөрдү эркиндиктеги жашоого даярдоо үчүн атайын программалар керек. «Аларды эркиндикке чыккандан кийин, жашоодогу өз ордун табуу жана кайда багыт алууну так түшүнүүгө даярдоо зарыл», - дейт ал.

Өмүркановананын бейөкмөт уюму өспүрүмдөр үчүн Кыргызстандагы биринчи реабилитациялык борборду түзүү долбоорунун үстүндө иш алып барууда. Бул борбор Вознесеновкадагы абактын базасында түзүлмөкчү. Долбоор абактын администрациясы менен кызматташтыкта жана даниялык DanChurchAid гуманитардык уюмдун колдоо көрсөтүүсү менен ишке ашууда.

Балдардын укугун коргоо боюнча көпчүлүк активисттер өлкөдө реабилитациялык борборлордун түйүнүн пенитенциардык системасынан тышкары түзүүнү туура көрүшөт. Алар жаңыдан эркиндикке чыккан жаш тартип бузуучулар менен тыкыс иштешип, аларга жумуш жана турак-жай издөөгө көмөк көрсөтүш керек.

Алардын катарындагы Эмгек министрлигинин астындагы Балдарды коргоо департаментинин башкы адиси Темирбек кызы Махабат дагы Кыргызстан жаш тартип бузуучулар менен иштөөнүн системасын жакшыртуу керек дегендерге кошулат.

«Кыргызстанда реабилитациялык технологиялары жана тарбиялоочу механизмдери бар мындай (мамлекеттик) социалдык кызматтардын болушу абдан маанилүү. Алар жашы толо элек укук бузуучуну процесстин субъектиси, кылмыш ишин – дарттын симптому катары баалап, оорудан айыктырышы керек», - дейт ал.

Анын айтымында, министрликтин реабилитациялык борборлордун иши менен алектенүүнү каалаган бардык бейөкмөт уюмдарга эшиги ачык. Мындай бейөкмөт уюмдар бул маселени ишке ашыруу үчүн мамлекет тарабынан каржылануучу контракттар колдонулса болот, деп эскерте кетти.

«Мен жогоруда айтып кеткендей, шарттуу түрдө жазаланган же түрмөдөн чыккандар үчүн социалдык (реабилитациялык) борборлор, тилекке каршы, жок», -дейт Махабат Темирбек кызы.

Акыркы үч жылдын ичинде эки гана бейөкмөттүк уюмдар жаш укук бузуучулар менен иш алып баруу максатында каржылоо алууга арыз менен кайрылышкан. Контрактты утуп алган бейөкмөттүк уюм мурунку жашы толо элек укук бузуучуларга документтерди толтуруу боюнча юридикалык кеңештерди жана жумуш, турак-жай табууда көмөк көрсөтүп келген.

«Бирок, өспүрүмдөрдүн нормалдуу жашоого толугу менен кайтып келүүсүнө бул жетишсиз. Бир гана мамлекеттин жана бейөкмөттүк уюмдун иши да аздык кылат. Бул ишке өзгөчө көңүл буруп, өлкөлөрүндө мындай тажрыйба балалыкты коргоо программасына ийгиликтүү киргизилген эл аралык уюмдарды тартуу керек», - дейт Темирбек кызы Махабат.

Жаш курактагы укук бузуучулар менен иштеген эксперттер билим алууга көмөк көрсөтүү – реабилитациялык процесстин башкы аспектиси дегенге толугу менен кошулушат.

Вознесеновка абагынын мамлекеттин окуу планы боюнча иштеген жана өспүрүмдөрдүн билиминдеги жетишсиздиктерди толуктоого багытталган жана кошумча окутуучу программаларды колдонгон өзүнүн мектеби бар.

«Бизге түшкөндөрдүн ичинен тамга тааныбагандары да кездешет. Эркиндикте алар такыр башка нерселер менен алек болушкан», - дейт жашы толо элек эркектердин абагынын башчысы Кураман Назарбеков.

Айрым учурларда, кээ бир жаш балдар эркиндикке чыккандан кийин жогорку окуу жайына тапшыруу үчүн жетиштүү деңгээлде билим алышаарын да белгилеп өттү. «Алар үй-бүлө куруп, балдарды чоңойтуп, айрым бир жерлерде иштешет. Биз мындай балдар менен абдан сыймыктанабыз», -дейт Назарбеков.

Абактагы мектептин директору Валентина Геращенконун айтымында, көпчүлүк окуучулар камакка түшкөндө мектептин программасынан 4-6 жылга артта калышкан болот. «Алардын окууга болгон кызыкчылыгы жоголуп, мектеп менен байланышы үзүлгөн болот. Анан камакта болуу мөөнөтү да башкы ролду ойнойт. Кимдир бирөө 18ге толуп, улуулар үчүн түрмөгө которулат, кээ бири эркиндикке мөөнөтүнөн мурда чыгат. Ал эми, алардын эркиндикте толук кандуу билим алуу мүмкүнчүлүгү жок», -дейт ал.

Абакта болуп келген IWPRдын контрибьюторунун айтуусунда, окутуу шарттары ал жерде эң төмөн – парталар жана кичинекей балдардын отургучтары эски, оңдоо-түзөө

**КЫРГЫЗСТАН**

иштери чынында иш билгилер тарабынан жасалбаган. Мугалимдер китептердин, географиялык карталардын жана жазууга колдонуучу буюмдардын жетишсиздигине арызданышат.

Кыргыз тилиндеги китептердин жетишсиздигинен окутуу орус тилинде жүргүзүлөт. Бул айыл жергесинен же коңшу Тажикстан, Өзбекстан сыяктуу өлкөдөн келген жаш балдар үчүн бир катар оорчулуктарды жаратат.

Геращенко жана башка 10 мугалим баардык кыйынчылыктарга карбастан, өз иштерин колунан келишинче аткарып келүүдө.

«Бизге алардын баардыгы – дагы деле бала. Баардыгынын жөндөмдүүлүктөрү бар, кээ бирлери таланттуу. Бул жакта гана кээ бирлери ал шыктарын ача алды. Биздин милдет – ар бир өспүрүмгө, мейли ал туура эмес жолго баргандыр, мейли ал кылмыш ишин жасагандыр, анын жашоодо өз орду жана келечеги бар экенин көрсөтүү», -дейт Геращенко.

Мугалимдердин окутууга керек болгон көбүрөөк материалдары бар болгондо, алардын сабактары андан да кызыктуу болоорун кошумчалады. Райондук билим берүү борборунун кызматкерлеринин жана жакынкы айылдардагы мугалимдердин жардамы аркасында мектепте бир нече эски китеп жана таркатуучу материалдар бар.

Абактын бир жашоочусу, мектеп ага эркиндикке чыкканда компьютер адиси болуу үмүтүн бергенин айтып өттү.

«Алар биздин көп нерсени билбегенибизди түшүнүшөт жана анын ордун толтурууга жардам беришүүдө. Бул жерде мен зээндүү экенимди сезип, өзүмдүн жакшы окуй аларым менен сыймыктануу сезими пайда болду. Биздин мектеп «эркин» мектептерден эч кем калбайт. Бирок, жаңы окуу-куралдар, мүмкүн болсо, компьютерлердин болушун каалар элек», - дейт ал.

Мурун абакта отурган 20 жаштагы Кириллдин окуясын ийгиликтүү деп атоого болот. Вознесеновкадагы абакта төрт жыл отуруп, эки жыл мурун ал эркиндикке чыккан. Андан соң Бишкектеги бир кесиптик-техникалык лицейде жыгач устанын ишин үйрөнүп алган. Кийин маянасы жакшы эмерек чыгарган коммерциялык фирмага жумушка орношкон. Анын директору, Кириллдин түрмөгө түшүп чыкканына карабастан, жумушка алган.

«Мен мурунку жашоомду унутууга аракет кылам. Бүгүн менин жумушум жана билимим бар. Өз үйүмдү курууну тилек кылып жатам», -дейт ал.

Кириллдин окуясы Вознесеновка абагынан өткөн көптөгөн жаштардыкына окшош. Ал өгөй атасы көп ургандыктан, 12 жашында үйдөн качып кетип, анда-санда милицияга түшүп, көчөдө жашаган.

«Курсакты тойгузуу үчүн уурдап, уурдалган нерселерди кайрадан сатчумун. Көп эле жолум болду, акыры кармалдым», -дейт Кирилл.

Абакта ал калтырылган жылдар үчүн мектептин программасын үйрөнүп жетүүгө туура келген. «Мугалимдерге чоң ырахмат. Алар мен үчүн көп нерсе жасашты. Эгерде, мурунку мектепте ал жактагыдай мугалимдер болгондо, түрмөгө түшпөйт элем», - дейт ал.

Абактын көпчүлүк кызматкерлери жана учурдагы камактагылар сыяктуу эле, Кирилл да, абакта ар кандай кесиптерге үйрөтүүсүн каалар эле. Ал камакта болгон кезде, анда бул сыяктуу эч нерсе болгон эмес. Жыгач менен иштөө ою кичинекей китепканада жаралган, өз колу менен эмне жасоого болоору жөнүндөгү жука китептен кийин ой пайда болгон.

Елена Воронина, IWPRдын тренингдерине катышкан Бишкектеги укук коргоочу.

Бул макала Европалык Комиссия тарабынан каржылануучу «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» жана Норвегиянын тышкы иштер министрлиги тарабынан каржылануучу «Укук коргоо маселелерин, карама-каршылыктарды жана ишенимдин бекемделишин чагылдыруучу маалымат программасынын» чегинде Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан даярдалды.

**Елена Воронина -** Борбор Азиядагы адам укугун чагылдыруу долбоору

# **ТҮШҮНДҮРМӨ.** КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КАРГАШАЛУУ ОКУЯГА БАЙЛАНЫШТУУ СОТ ЖАРАЯНДАРЫ АДИЛЕТТҮҮ ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ ЗАРЫЛ

*Сот жараяндары дыкат териштирилбей ар кандай коркутуп үркүтүүлөр менен коштолууда.*

Учурда Кыргызстанда ушул жылдын биринчи жарымында өлкөнүн бардык аймагын бүлүккө салган окуяга байланыштуу эки сот жараяны жүргүзүлүүдө. Бул эки соттук териштирүү тең болуп көрбөгөндөй ачык айкын өткөрүлүүдө. Ошондой болсо да коомчулукта мындай иш-чаралардын саясий себептерден улам өтүп жаткандыгы айтылып, анын адилет өтүшүнө күмөн жараткан пикирлер да жок эмес.

Ноябрь айынын орто ченинен тарта Бишкекте бир кездеги Курманбек Бакиевдин администрациясынын мүчөлөрүнүн үстүнөн сот жараяны өтүүдө. Аларга апрель окуясы учурунда тартип коргоо органдарына элге каршы ок

**КЫРГЫЗСТАН**



атууга буйрук бергенсиңер деген айып коюлууда. Ал нааразылык акцияларында элге каршы атылган октон 70тен ашуун адам каза болгон. Наразылык акциялары Бакиев өлкөдөн чыгарылгандан кийин токтотулган.

Мындан сырткары Кыргызстанда ушул жылы өлкөнүн түштүгүндөгү Ош жана Жалал-Абад шаарларында орун алган улут аралык кандуу кагылышууга байланыштуу 152 кылмыш иши ачылган. Ал кагылышууда баш аягы 400дөй адам каза болгон.

Ошондой эле, учурда 2010-жылдын апрель айында Курманбек Бакиев кеткенден кийин Бишкектин четиндеги, көбүнчө түрк-месхетиндер, орустар жана кыргыздар жашаган Маевка айылындагы бош жаткан жерлерди ээлеп алуу максатын көздөгөн тополоңдо биреөнүн үйүн жана менчигин ээлеп алган деген айып тагылып дагы беш адам камакта жатышат. Ал баш аламандыкта баш аягы беш адам каза болгон. Бул кылмыш иши боюнча сот чечими ушул жылдын декабрь айында чыгаары күтүлүүдө.

Мындай сот жараяндарынын баары ушул жылы Кыргызстанды дүңгүрөткөн маанилүү окуяларга байланыштуу жүрүп жаткандыгынан улам чоң мааниге ээ болууда. Ошондой болсо да мындай сот жараяндардын өтүү убактысы, кайсыл жерде өтүп жаткандыгы жана алардын ММКда кандай чагылдырылып жаткандыгына сересеп салганда, бийлик башындагылар мындай иш-чараларды өз кызыкчылыгына жетүү максатына колдонуп жаткандай түр калтырат.

Албетте, сот жараяндарынын коомчулукка ачык-айкын өткөрүлүп жатышын анын артыкчылыгы катары кароого болот. Өлкөнүн түштүгүндө болуп жаткан окуялар боюнча сот жараяны түштүктө өткөрүлүүдө. Ал эми Бакиевдин администрация мүчөлөрүнүн үстүнөн сот жараяны ылайыктуу имарат жок болгондуктан борбордогу Спорт сарайында башталды. Бирок ушул жылдын 30-ноябрында Спорт сарайына жакын жердеги жардыруудан кийин сот жараянын өткөрүү башка жакка жылдырылды (Бул тууралуу Кыргызстандын борборунда орун алган жардыруудан кийин кырдаал курчуду деген макаладан окуй аласыз).

Мындай ачык айкындуулуктун өзү Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн алган 1991-жылдан бери карай канчалык көп нерсеге жетишкендигинен кабар берет. 1990-жылкы улут аралык кагылышууга байланыштуу сот жараяны, республиканын Жогорку соту жабык эшик алдында өткөрүлгөндүгүн эске алганда, ал кездеги менен бул жолку сот жараяндарынын ортосундагы айырмачылык ачык эле көрүнүп турат.

Ошентип бир жагынан сурак жүргүзүүнүн ачык болушу коомчулуктун окуяга болгон кызыгуусун арттырса, экинчи жагынан мындай аракеттерди буга чейин орун алган алдын ала пландаштырылган саясий сот жараяндарынан баш тартууга болгон кадам катары кароого болот.

Ошондой болсо да, мындай көрүнүш чындыктын түпкү маңызы тескерисинче болуп калуу ыктымалдыгын жаратууда. Анткени коомчулукта ушундай жол менен бийлик өкүлдөрү өлкөдөгү саясий туруксуздуктан пайда болгон элдин нааразылыгынын агымын башка жакка бурууга аракеттенүүдө деген пикирлердин жаралышына алып келди.

Мындай көз караш өзгөчө сот жараяны жүрүп жаткан учурда орун алган коркутуп-үркүтүүлөрдөн улам аргасыз токтотулган сот жараянынан улам пайда болду. Бул сот жараяны мезгилинде 7-апрелде каза болгон атуулдардын жакындары, тууган уруктары тарабынан соттолуучуларга жана анын тууганадарына карата ачык эле коркутуп-үркүтүүлөр орун алып, ал тургай алар бийликтен айыпталуучуларды өз алдынча жазалоону талап кылышып, айрым учурларда улутчулдук

маанайдагы чакырыктар да орун алды. Тилекке каршы мындай аракеттер бардык эле учурда соттор же кооп-

**КЫРГЫЗСТАН**

суздукту камсыз кылган милиция кызматкерлери тарабынан алдын алынбай жатат. Эмне үчүн ушуга окшогон кайгылуу окуялар боюнча козголгон иш-чараларды карoo мындай эмоционалдуу өтүшү айтпаса да түшүнүктүү. Андыктан бийлик мындай учурда ага катышып жаткандардын коопсуздугун толук камсыз кылууга милдеттүү.

Июнь окуясынын этникалык жагын кандайдыр бир деңгээлде унчукпай өтүп кетүү аракети кооптондурат.

Нью-Йоркто жайгашкан Хьюман Райтс Вотч (Human Rights Watch) сыяктуу укук коргоочу уюмдар июнь окуялары боюнча күнөөлөнүп жаткандардын көпчүлүгү – этникалык өзбек экендигин көрсөтүшүүдө. Ошол эле мезгилде өлкөнүн түштүгүндөгү тартип коргоо органдары жана милиция кызматкерлери – кыргыздар.

Хьюман Райтс Вотч августта жарыяланган айыптоочуларга шилтеме келтирет, ал боюнча кармалган 243 адамдын 29 адамы кыргыз 200дөн көбүрөөгү – өзбектер. Ноябрь айында президент Роза Отунбаева өз сөзүндө, ошол күнгө карата Ош облусунда 100 өзбек, 9 кыргыз, ал эми Жалал-Абад облусунда 30 өзбек жана 22 кыргыз айыпталгандыгын айткан эле.

Ошого карабастан өкмөттүк чиновниктер иликтөөнүн жана соттук тергөөнүн жүрүшүндө эч кандай этникалык белгисине карап мамиле жасоого болбой тургандыгын айтышууда.

«Кыргызстанда сот процесстерин өткөрүүдө өзбек тилдүү калкка карата дискриминациялоо жок», - деди Отунбаева.

Соттук териштирүүлөрдүн өтүшү жана сот өкүмдөрүнүн чыгышы жеткиликтүү деңгээлде болбой жатышы олуттуу тынчсызданууну жаратууда. Булардын баары келечекте көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн. Бүгүнкү күнгө чейин бул жөнүндө маалыматты саясий чөйрөдө айтуудан кетенчиктешүүдө.

Апрелдеги жана июндагы башаламандыктарга миңдеген адамдар катышышты, ал эми сот жообуна болгону ондогон адам тартылышты. Ал эми окуяга түздөн-түз катышып кандуу окуяны координациялап уюштургандар жазага тартылышкан жокпу?

Мындай тарыхый териштирүүлөрдү жеткиликтүү деңгээлде өткөрө албагандык коомчулукта Кыргызстандын мамлекеттик органдарын сот адилеттигин камсыз кылып, күнөөкөрлөрдү мыйзамдуу жоопко тартуусуна күмөн жаратты.

Окуянын мындай өнүгүшү расмий бийлик маселенин татаал жактарын ачып бере албай, өлкөнүн түштүгүндө мыйзамдуулукту жана тартипти калыбына келтирүү сыяктуу чечкиндүү чараларды көрүп, улутчулдук маанайды жок кылууга баралбай жаткандыгы сезилет.

Ошол эле мезгилде, мындай соттук териштирүүлөрдү жүргүзүү Бакиевдин администрация мүчөлөрүн айыптоого байланыштуу бир катар таасирдүү топтордун наразылыгына алып келди.

Бишкекте өтүп жаткан соттук териштирүүлөрдө президенттин буга чейин жоюлуп кеткен Коопсуздук кызматынын жана Улуттук коопсуздук кызматынын курамына кирген «Альфа» аттуу элиталык топтун мурдагы кызматкерлери айыпталышууда. Мындай соттук териштирүүлөргө өз мезгилинде мурда Бакиевдин режими менен кызматташкан айрым түштүктүк саясатчылар да нааразы.



И. Коваленко тарткан сүрөт

*Бишкектеги апрель окуясы боюнча өтүп жаткан сот жараяны*

Жалпысынан Кыргызстандагы айрым адамдар мындай соттук жараяндарды өткөрүүнү сот адилеттүүлүгүнө жетишүү эмес жөн гана коомчулукка популисттик максаттарына жетүү үчүн көрсөтмө катары өткөрүлүп жаткан сот жараяны катары карашууда.

Мындай көрүнүштүн өзү өлкөдөгү адам укуктарын сыйлоону жана сот адилеттүүлүгүн камсыз кылуунун азайышына, коомчулуктун милицияга болгон ишениминин төмөндөшүнө алып келип, жогорудагыдай популисттик саясаттын колдоого алынышы этникалык кандуу кагылышуунун катышуучуларынын ортосундагы тирешүүнү азайтпай, алардын күнөөлүүлөрдү өз алдынча жазалоо талабын коюсуна алып келиши ыктымал. Ооба, окуя жаман жагына өнүккөндө мындай көрүнүш орун алаары бышык.

Эгерде башкы максат мындай тарыхый сот жараяндарын жүргүзүүдө адам укугун коргоо, соттордун көз карандысыздыгын жана сот адилеттүүлүгүн даңазалоону көздөсө анда сот жараяндарын мындай деңгээлде өткөрүү коомчулуктун пикиринде жетишсиз. Ошондуктан мыйзам үстөмдүүлүгүн орнотуу, ар бир адамдын эркиндигин камсыз кылып, соттордун көз карандысыздыгына жетишүү зарыл. Ансыз жаңы кабыл алынган Баш мыйзам жана парламенттик башкаруу коомчулук күткөндөй натыйжаларды бербей калышы толук ыктымал.

**Павел Дятленко,** Кыргызстандагы «Полис Азия» борборунун эксперти.

## ТАЖИКСТАН

# ТАЖИКСТАНДАГЫ ЖАЛГЫЗ КАЛГАН АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ ЖАКШЫ ЭМЕС



*Качан эмгек мигранттары үйүнөн кол үзүп, акча салууну токтотушканда, алардын үй-бүлөсүнүн абалы начарлай баштаган.*

Ошол эле мезгилде, массалык эмгек миграциясынын натыйжасында көптөгөн тажиктер финансалык абалын бир топ жакшыртышкан учурлар кездешсе, айрымдары тескерисинче өз үйүнө акча салууну токтоткон учурлар да жок эмес. Буга байланыштуу анын үй-бүлөсү өлкөдөгү эң кедейлердин катарына кошулган.

Жарандык коомдун активисттеринин пикиринде, күйөөлөрү таштап кеткен аялдардын мамлекеттен жардам ала алуусу үчүн чараларды көрүү зарыл. Ошондой эле, алардын акча табуусуна жана өз күйөөлөрүн издеп табуусуна көмөктөшүү керек. Анткени аталары өз балдарын камсыздоого милдеттүү.

25-ноябрдан 6-декабрга чейин өлкөнүн түрдүү аймактарында жогорудагыдай тагдырга кабылышкан үй-бүлөлөргө арналган бир катар талкуулар өткөрүлдү. Талкууну миграция боюнча эл аралык уюм (МОМ), БУУнун аялдар фонду (UNIFEM), «Ачык коом» Институту – Тажикстандагы көмөктөшүү фонду жана IWPR биргеликте уюштурушту. Мындай иш-чаранын жыйынтыгында Тажикстандагы мигранттардын үй-бүлөсүнүн кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо боюнча сунуштар даярдала тургандыгы күтүлүүдө.

36-жаштагы Фарзона Юсупованы башка өлкөгө жумуш издеп кеткен күйөөсү таштап кеткен. Үйлөнгөндөн кийин алар үч балалуу болушкан. Бирок жумуштун жоктугунан жашоолору оорлоп, анын жолдошу Орусияга иш издеп кетүүгө аргасыз болгон.

«Эки жыл бою андан эч кабар болгон жок, андан кийин ал Орусияда үйлөнүп алыптыр , деген ушак айыңдар айтыла баштады. Андан көп өтпөй күйөөмдүн бир туугандары бизди багуудан чарчашып үйдөн кууп чыгышты. Мени азыр үч балам менен ким өз үйүнө киргизет? Мен жатакана таап, өзүм үй кызматкери болуп иштей баштадым, антпесе ачка калабыз», - дейт Юсупова.

Ушундай жагдайды башынан өткөрүп жаткан Юсупова өспүрүм балдарына жетиштүү көңүл бура албай жатам, деп тынчсызданат.

Орусиядагы экономикалык каатчылык (мигранттар иш издеген бирден бир өлкө) мигранттардын жумушчу күчүнө болгон талапты кыскартты. Ушуга карабастан расмий эмес маалыматтарга караганда, чет жакада иштеп жүргөн Тажик жарандарынын саны бир миллион адамды түзөт. Буга иштөөгө бардык уруксат кагаздары бар жана легелсыз иштеп жүргөн мигранттар кирет.

«Миграция жана өнүгүү» бейөкмөт уюмунун жетекчиси Музафар Зарипов, 2009-жылы Орусияга 930 миң адам чыккандыгын билдирди. Миграция комитетинин маалыматына ылайык бул жылы бул көрсөткүч бир аз төмөн, же 800 миң адамды түзгөн.

Миграция комитетинин маалыматына ылайык мигранттардын 95%ы эркектер болсо, алардын дээрлик 80%ы үй-бүлөлүү.

Мигранттар үйлөрүнө салган акчалар өлкөдөгү оор экономикалык абал учурунда көптөгөн үй-бүлөлөргө жардамын тийгизди. Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматына

## ТАЖИКСТАН

ылайык, өткөн жылы которулган акчалар өлкөнүн дүң продукциясынын 60%га жакынын түзгөн.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, көпчүлүк мигранттар өз үйлөрүнө акча салууну улантышууда, ал көп болбосо да, жеп ичкенине жана башка чыгашаларга жумшалууда. 2009-жылдын апрелинде жарыяланган Миграция боюнча комитеттин изилдөөсүндө мигранттар тарабынан бир жыл бою үйлөрүнө жөнөтүлгөн акча айына орточо 400 долларды түзгөндүгү көрсөтүлгөн.

Ал эми ушул жылдын августунда жасалган отчётунда Миграция боюнча комитеттин иликтөөчүсү негизги багуучусу чет өлкөдө иштеп жүргөн үй-бүлөлөр 37%ды түзөөрүн жана алар жакырчылыктын чегин жашап жатышкандыгын эсептеген, анткени алар жылына 500 доллар гана алышат, же такыр эле албай калышат. «25% үй-бүлө 500 доллардан көп, 1000 доллардан аз алышат, алар да коркунучтуу абалда», - деп айтылат отчётто.

Миграция боюнча комитеттин отчётунда чет жакаларда иштеп жүргөн эркектердин үчтөн бири ошол иштеп жүргөн өлкөдө калып жаткандыгын, аялдары Тажикстанда кароосуз калып жатышкандыгы тууралуу маалыматтар айтылган

Бул күйөөлөрү таштап кеткен аялдар, күйөөлөрүнөн өтө аз алган же такыр эле албаган аялдар менен бир топко биригишип кооптуу топту түзүшүүдө. «Бул аялдар жакырчылыктын жеткен чегинде жашашат, алар өкмөттөн, эл аралык уюмдардан же жергиликтүү коомчулуктан жардам ала алышпайт, психологиялык абалы да бир калыпта эмес, башкача айтканда ачарчылыктан, кылмыштуулуктан, жана мазактоолордон корголгон эмес», - деп айтылат отчётто.

«Перспектива Плюс» уюмунун башчысы Ойнихол Бобоназарова багуучусуз калган үй-бүлөлөр кабылып жаткан кээ бир көйгөйлөр тууралуу айтып берди.

«Биз суицид көйгөйү боюнча көп иштедик, өзүн-өзү өрттөп салган аялдардын кээ бири мындай ишке күйөөсү таштап кетип башка бирөөгө үйлөнүп алып, акча салбагандыгынан барышат. Экинчиден - балдар тарбиясыз калышууда, анткени бир сындырым нан үчүн, балдарын багуу максатында керээли кечке базарда отурушат».

Гендердик теңчилик жана аялдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча бейөкмөт уюмдар Ассоциациясынын директору Алла Куватова мындай үй-бүлөлөр жардам сурап бийликке кайрылышса боло тургандын айтты.

«Эгерде үй-бүлөдө багуучусу көп убакытка жок болсо мамлекет жардам берет, социалдык жардам деген бар. Алар барышып, күйөөсүнүн кеткендигин, акча жагынан жардам көрсөтпөй жаткандыгын айтуусу керек», - деп түшүндүрөт ал.

Куватованын айтымында, билимдеринин жоктугу алсыз аялдардын негизги көйгөйү болууда. «Аларды акча табууга үйрөтүү керек. Аларга эң жөнөкөй билим талап кылынат», - дейт ал.

Мыйзам боюнча, ата балдарды камсыздоо керек, андан сырткары ажырашкандан кийин да. Эгер алар башка өлкөдө болсо, анда аларды мажбурлоо өтө кыйын. Көбүнчө алар Тажикстандык аялы менен ажырашпай туруп, мындай учурда мыйзам жолу менен алардын балдарына алимент төлөөсүнө жетишүү оңойго турбайт. Ал эми кээ бир аялдар мусулманчылык боюнча турмушка чыгып анын мамлекеттик органдан өткөн каттоосу да жок болушу ыктымал, ошондуктан алар күйөөлөрүнүн чындыгында ата экендигин да далилдөөсү керек.

Айыл жеринде жашаган аялдар ири шаарларда жүрө алышпайт, өздөрүнүн көйгөйлөрүн мамлекеттик органдарга кантип кайрылууну же кеңеш алуу үчүн бейөкмөттүк уюмдардын адистерине жеткирүүнү билишпейт.

«Доступ к правосудию и судебная реформа» деп аталган аял-юристтердин Лигасынын координатору Нели Сафарова, өзү жетектеген долбоордон аялдар түрдүү жардамдарды алыша алаарын айтты.

«Биз аларга кеңештерди беребиз, эгер соттук коргоо керек болсо, биз сотко арыз жазып кайрылабыз. Анын күйөөсүн дайынсыз жоголгон же өлгөн деп таанууга болот», - дейт ал.

Эгер мусулманчылык жол менен үйлөнүшүп, аял мыйзам боюнча күйөөгө чыккан эмес болсо Сафарованын уюму кандын группасы боюнча аталыгын тактоого уруксат сурап сотко кайрылат.



Сафарованын айтымында, юристтер да аялдарга алимент төлөтүүгө, же курамына Тажикстан жана Орусия кирген КМШ мамлекеттеринин арасындагы укуктук жардам берүү келишимине ылайык күйөөсүн издөөгө арыз бере алышат.

Сафарова кээ бир тармактарда мыйзамдык өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгиледи. Алар алименттик төлөмдөрдү катуу көзөмөлгө алуу, бардык никелердин зарыл түрдө мамлекеттик каттоодон өткөрүлүшү, эмгек мигранттарынын чет жактарга легалдуу жолдор менен гана чыгышы ж.б.

Бүгүнкү күндө эмгек мигранттарына качан ал акча салууну токтоткондо, никелүү экендигин жашырып, алимент төлөбөй коюусу эч кыйындыкка турбайт.

Дүйшөмбдөгү стратегиялык изилдөө борборунун эксперти Фируз Саидов, үй-бүлөлүк макамдын каттоосунан өтүп, жарандын паспортунда канча баласы бар экендиги

**ТАЖИКСТАН**

жазылган совет мезгилиндеги тажрыйбаны кайрадан алып келсе сүйүнө тургандыгын билдирди.

Биздин шартта Тажикстандын жараны өз өлкөсүндө аялы болуп туруп, аялы жок деген жалган справка сатып алып орус аялына үйлөнө алат.

Орусия менен Тажикстандын ортосунда формалдуу келишим керек, ага ылайык бир өлкөдөгү катталган нике сөзсүз түрдө экинчи өлкөдөгү тийиштүү кызматка маалымдалып турушу керек, деп эсептейт Саидов.

Адатта качан мигрант башка өлкөдө калып, ал жактан үйлөнүп алган учурда акча салууну токтотот.

Бобоназаровдун айтымында, тажик эркектери турак-жай алуу үчүн, орус жарандыгын алууну оңойлотуу үчүн же милициялардын текшерүүлөрүнөн сактануу үчүн үйлөнүшөт. Кээ бир эсептөөлөр боюнча, ар бир жылы Орусияда 12 миң тажик эркектери үйлөнүшөт.

Бул башка өлкөдө иштеп жаткан эркектердин анчалык деле көп бөлүгү эмес. Төрттөн үч бөлүгү үйлөрүнө акча салууну улантышууда.

Саидов белгилегендей, 70% тажик мигранттары чет өлкөлөргө жазында кетишип, кайрадан суук башталганда кайтышат. «Алар мезгил-мезгили менен кетишип кайрадан өз аялдарына кайтып турушат», - деди ал.

Өздөрүнүн багуучусуз калган үй-бүлөлөр эмгек миграциясы токтомоюн улана бермекчи.

**Мехрангез Турсунзаде,** IWPRдын тренингинен өткөн Тажикстандагы журналист.

# ТАЖИК ӨКМӨТҮ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ММКНЫН КОНФЛИКТТИ ЧАГЫЛДЫРЫП ЖАТЫШЫНА НААРАЗЫ




Фараж гезитинин жабылганга чейинки акыркы номери.

Сүрөт © «Фергана.Ру»дан алынды.

*Бийлик менен журналисттер бири-бирине болгон адилетсиз мамилеге бири-бирин күнөөлөп жатышат.*

Тажик өкмөтү жакында өлкөнүн чыгышында болгон согушкерлер менен болгон кагылышууну так чагылдырган жок деп журналисттерди күнөөлөп, ММК менен уруша кетти. ММКнын укуктарын коргоо боюнча уюмдар прессага жана Интернеттеги жаңылык сайттарына коюлуп жаткан чектөөлөргө карата тынчсызданып жаткандыгын билдиришти, ошол эле мезгилде, кабарчылар болуп өткөн окуя жөнүндөгү маалыматтарды көргөзбөй жашырышкандыгынан улам фактыларды текшерүүгө мүмкүн болбогондугун айтышууда.

Алардын мамилеси олуттуу начарлап кетти. Медиасектордун өкүлдөрү окуяны кимдир бирөө тарабынан бур-

## ТАЖИКСТАН

маланды деген күнөөлөөнү моюнга алуудан баш тартышты. Интернет булактарына жана басылмаларга чектөөлөрдү коюу менен бийлик абалды сактап кала алган жок.

ЕККУнун ММКнын иштери маселеси боюнча өкүлү Дуня Миятовичтин 18-октябрдагы билдирүүсүнө ылайык, ММКнын эркиндигине байланышкан абалдын күн санап начарлоосунун жыйынтыгы гезиттерди жабуу жана жаңылык веб-сайттарына кирүү мүмкүнчүлүгүн блокировкалоо болду.

Тажикстандын чиновниктери 19-сентябрдагы Рашт өрөөнүндө 25 солдаттын өмүрүн алган өкмөттүк аскерлер менен согушкерлердин ортосундагы кагылышууну ММКнын чагылдыруусун өтө тескери кабыл алышты. Кол салган отрядды 1992-97-жылдардагы Тажикстандагы жарандык согуштун учурундагы талаа командири жетектегендигин, ага коңшулаш Афганистандан келген согушкерлер жардам бериши мүмкүндүгүн айтышууда.

Өлкөнүн чыгышындагы окуяны чагылдырууга байланышкан алгачкы сындар Тажик мамлекеттик телеканалы Коргонуу министрлигинин кызматына маалымат берген 25-сентябрда айтылган. Анда жеке маалымат борборун күнөөлөшкөн. Маалыматта апта сайын чыгуучу Фараж гезитиндеги макалага көп көңүл бурулган. Анда Коргоо министрлиги өлгөн солдаттардын үй-бүлөлөрүнөн кечирим сурашы керек эле, коргонуу министрлигин отставкага кетирүү керек деп айтылган эле.

17 басылма жана медиауюмдар министрликтин билдирүүсүнө алдын ала жалган ойлонулган пикир деген күнөөлөөнү четке кагышып, окуяны чагылдырууга өздөрүнүн укуктары бар экендигин айтышып жана күч органдарынын куугунтуктоо аракетин күнөөлөп билдирүү таратышты.

Кийинки кадамды коргоо министри Шералы Хайруллоев жасады. «Ховар» маалымат борбору 4-октябрда анын курч мүнөздө жасалган билдирүүсүн жарыялады.

Хайруллоев өтө кыжырдануу менен, бул окуя кээ бир басылмалар үчүн «кубанычтын белгиси» болгондой ой калтыргандыгын, бул чыныгы сөз эркиндигине окшобой жаткандыгын айтты.

«Тажикстандагы көз карандысыз басылмалардын жалданган террористтердин коргоо министрлигинин аскер колоннасына ырайымсыз кол салуусуна байланыштуу жарыялаган материалдарынын көпчүлүгү бул ырайымсыз адам өлтүрүүчүлөрдүн уятсыз иш-аракетин мактагандай түр көрсөтүп турат. Биздин урматтуу журналисттер террористтерди жаап жашыруу террористтерге кол кабыш кылууга барабар экендигин, ал эми террористтерди колдоо оор кылмыш экендигин билишпейби?» - деди ал.

«Көпчүлүк басылмаларда, кээ бир басылмаларды кошпогондо, бул кандуу террористтердин ырайымсыз иш-аракетин күнөөлөгөн элементтер байкалбайт. Саналуу гана басылмалардан башкасынын баарында ушундай көрүнүш байкалды», - деп кошумчалады ал.

Министр ошондой эле күнөө куралдуу согушкерлерде эмес өкмөттө деп билген кээ бир оппозициялык саясатчылардын саясий контекстине шилтеме келтирди. Ал оппозициянын конфликтти сүйлөшүү жолу менен чечүү керек деген чакырыгын четке какты.

«Ушундай учурда алар сүйлөшүүлөрдү талап кылышат. Суроо: Кимдер менен диалог жүргүзүү керек? Террористтер мененби, киши өлтүргүчтөр мененби, же саясий партиялардын жетекчилери сиздер мененби?» - деди ал.

Абалдын курчушу менен үч гезит – «Пайкон», «Истиклол» жана «Фараж» - кезектеги номерин басмага бере албастыгы белгилүү болду. Андан сырткары avesta.tj, Tjknews.com, ferghana.ru жана centrasia.ru сыяктуу бир катар жергиликтүү жана чет элдик веб-сайттар блокировкаланган.

Жогоруда аты аталган гезиттер басылган «Оила-принт» басмаканасынын директору Сиёвуш Хамдамов, басылмага тыюу салуу эч кандай саясат менен байланышы жок экендигин айтты. «Истиклол» жана «Пайкон» типографияга чоң суммада карыз экендигин, кагазга болгон баанын өсүшүнөн «Фараж» типография менен болгон байланышын токтоткондугун айтты.

Тажикстандагы көз карандысыз ММКнын улуттук ассоциациясынын жетекчиси Нуриддин Каршибаев маселе бул келишимдерде эмес экендигин айтты. «Бул жерде кайсы бир кызмат адамынын «баспагыла», деген бир телефон чалуусу иштеп жаткандыгы ачык эле көрүнүп турат», - деди ал.

Интернет провайдерлер ассоциациясынын жетекчиси Парвина Ибодова ассоциация мүчөлөрү Байланыш министрлигинен белгилүү бир веб-сайттарды блокировкалоо боюнча буйрук алгандыгын айтты. Анын айтымында, «Азия Плюс» маалымат борбору министрликтен түшүндүрмө сураган, бирок азырынча аларга баш ийишет.

Мындай иш-аракетти коркутуу деп эсептеп, ММКнын укуктарын коргоо уюмдары -өздөрүнүн күч-аракеттерин бириктиришти.

14-октябрда НАНСМИТ коргоо министрлигине терроризмди колдошту деп күнөөлөнүп жаткан медиабасылмалардын жана журналисттердин аттарын берүүнү өтүнүп кат жолдоду. Бир жума өткөндөн кийин жеке басылмалар тобу журналисттердин адистик укуктарын коргоо боюнча жаңы комитет түзүштү. Алардын максаты ММКга болгон басымды токтотуу, типографияга жана онлайн булактарына болгон мүмкүнчүлүктү калыбына келтирүү, ошондой эле ММКнын абалын конфликтке чейинки абалга алып келүү.

Комитетте анын веб-сайты башка жерлерден жарыялана албаган медиабасылмалар жана журналисттер үчүн платформанын кызматын аткараарын маалымдады.

Учурда өкмөт менен ММК бири биринен мурда болуп көрбөгөндөй өтө алыстыкта турушат.

ММКнын өкүлдөрү бийлик Тажикстандын чыгыш тарабындагы согуштук операцияларды жүргүзүүдөгү кемчиликтерге көңүл буруунун ордуна «кабарчыны өлтүрүп жатышат» деп күнөөлөшкөн.

Журналисттер капчыгайдагы буктурма жана коопсуздук кызматы тарабынан өткөрүлгөн операция мезгилиндеги вертолёттун түшүп кетиши сыяктуу башка инциденттер жөнүндө туура маалымат алууну татаалдантып жиберди. Алар жөнүндө объективдүү репортаж жасоого да болот эле. Журналисттердин айтымында, алар маалымат алуу үчүн телефон чалышканда Коргоо министрлиги да, Ички иштер министрлиги да телефонду көтөрүшкөн эмес.

IWPR корреспонденттери да аталган министрликтер менен байланышууга аракет кылышканда ошондой эле кыйынчылыктарга кабылышты.

«Азия Плюс» маалымат борборунун аткаруучу директору жана жакынкы күндөргө чейин IWPRдын редактору болуп иштеген Зебо Тажибаева абалды ого бетер кур-

**ТАЖИКСТАН / ӨЗБЕКСТАН**

чутуп жибербөө үчүн журналисттерди сабырдуулукка чакырды.

«Журналисттерге ачууга алдырбай, өз иштерин жасоодон мурда, так жана туура маалымат берүү менен көбүрөөк адистик тажрыйбага көңүл бөлгүлө деп кеңеш бермекмин. Транспоранттар же соттор менен бул жерде эч кимди коркутуп эч нерсе чече албайсыңар. Бардык жооптор Рашттагы операциянын бүтүшүн күтүүнү талап кылат”.

**Лочин Каримов –** Тажикстандагы журналисттин ойдон чыгарылган аты.

# ӨЗБЕКСТАН

## **КОММЕНТАРИЙ.** МЕДИАЭКСПЕРТ: ӨЗБЕКСТАНДА ЖУРНАЛИСТТЕРГЕ КАРАТА СОТТУК ДООЛОРДУН КӨПТӨГӨН СЕБЕПТЕРИ БАР



Өзбекстандын улуттук телерадиокомпаниясынын «Ёшлар» каналынын кызматкерлеринин цензурага каршы наразылак акциясы, 2010-жылдын, 6-декабрында Ташкенттеги эркиндик аянтында.

В. Маркова тарткан сүрөт

*Өзбекстандағы журналистердің қудалануы, цензура мен құқықтық нормаларды биліктің пайдасына жығып беретін заңдардағы түсініксіздік бар кезде, тоқтар қоймас, ал жергілікті БАҚ-дарының өз құқықтарын сотта қорғауға қаржылық мүмкіндігі болмайды.*

Ушул күндөрү Ташкентте «Голос Америка» радиосунун кабарчысы Абдумалик Бобоевдин, орусиялык журналист, vesti.uz интернет порталынын редактору Владимир Березовскийдин иштери боюнча соттук процесстер аяктады.

Кабарчылардын үстүнөн болгон соттор католиктик Испаниядагы инквизицияга өтө окшошуп баратат. Ал жакта элдерди эч бир күнөөсү жок эле күнөөлөп өрттөп салышкан, ал эми Өзбекстанда – болбогон маалымат үчүн түрмөгө камап сотко тартышууда.

Жергиликтүү журналисттерге карата репрессиянын башталышына 2007-жылы чыккан министрлер кабинетинин Басылмалар чөйрөсүндө, басма, китеп, телерадио, аудиовизуалдык продукцияларды жана Интернет тармагындагы маалымат булактарындагы мыйзамдуулуктун сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн жол жоболору жөнүндөгү жобосу себеп болду.

Бул документ Борбордун жазалоочу функцияларын аныктайт, мониторинг өтүп бүткөндөн беш жумушчу күндүн ичинде мониторингдин жыйынтыгын жана мамлекеттик бийликтин органдарына сунуш жөнөтүүгө милдеттүү.

Масс-медианын жашоосундагы өзгөрүүлөр 2002-жылы президент Ислам Каримовдун цензурага Өзбекстанда тыюу салган «Басма жана маалымат тармагында башкарууну жакшыртуу» буйругу менен башталган. Ал мезгилде жергиликтүү журналисттер бул чечимди сүйүнүү менен кабыл алышкан, анткени цензорлордун аша чапкан аракеттери акылга сыйгыс нерселерди жасоого алып келген эле.

Бирок, цензуранын жашап турган мезгилинде ММКга болгон доолор өтө аз болгон. Сындарга кабылган баатыр-

## ӨЗБЕКСТАН

лар сотторго сейрек кайрылышкан, алар материал цензуралоодон өткөрүлгөн, демек бийлик тарабынан жактырылгандыгын билишкен. Соттор чечим чыгараардан мурун бул фактыны көңүлгө алышкан.

Цензураны расмий түрдө алып салуу басылмалардагы сын материалдардын кескин кыскаруусуна алып келди, ал эми макалалардын маңызына болгон бардык жоопкерчилик басылмалардын өздөрүнө жүктөлдү.

Өнүккөн өлкөлөрдө сотто өздөрүнүн актыгын коргоодо масс-медиаларга жана журналисттерге сөз эркиндигин коргоого адистешкен коомдук уюмдар жардам беришет. Соттук териштирүүнү көтөрүүгө абалы болбогон, жарды өзбек ММКга өлкөдө андай уюмдар болбогондуктан андай жардамдар көрсөтүлбөйт.

Цензураны алып салгандан кийин пайда болгон жана жарандар тарабынан демилгеленген, сындарга таарынган, кыжырды келтирген сот процесстери бара-бара редакциянын жетекчилигин жана журналисттердин өзүн курч темаларда жазууга болгон каалоосун жоготту.

Ушундай шарттан чиновниктер пайдаланышып, коомдук-саясий басылмаларга өз беттеринде сын макалаларды жарыялоодон баш тартууну сунушташты.

Кабарчыларга мындай кадамды соттук процесстерге кеткен финансылык чыгашалардан качуу максатында деп түшүндүрүштү. Жыйынтыгында эң жөнөкөй эле турак-жай коммуналдык кызматынын иши жаман делген сыяктуу материалдарды да жарыялоого тыюу салынган.

Кийинки этап гезит жана журналдарга кат алуу бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн реформалоо сөз жүзүндө сунушталды. Ошондон кийин мурда жарыяланып келген окурмандардан түшкөн даттануулар журналисттердин иликтөөсүнө берилип, тартип коргоо органдарына жөнөтүлөт.

Ушундай жагдайда адилетсиз чиновниктер жана бизнес адамдары объективдүү сындан коркушпайт жана тынч укташат. Аларды тынчсыздандырган бир эле нерсе, бир топ чынчыл жана принципиалдуу өзбек журналисттери кызматташкан, активдүү жарандык позицияны карманышкан чет элдик маалымат борборлорунун материалдары.

Бирок, Байланыш жана информатизация боюнча Өзбек агенттигинин массалык байланыш тармагында мониторинг жүргүзүү борбору бар (УзАСИ). Бул структуранын кызматкерлери жергиликтүү жана чет элдик басылмаларда сын материалдарды көзөмөлдө кабыл алынган жазалоо чарларына өбөлгө түзүп турушат.

Өзбекстанда журналисттерди соттук куугунтуктоолорду эч ким токтото албастыгы менен абал андан бетер таталданышууда.

Ал тургай 1997-жылда кабыл алынган Өзбекстандын «Массалык маалымат каражаттары жөнүндөгү» мыйзамы да жардам бербейт. Бул документтин алтынчы беренеси соттун жыйынтыгын кабардар кылууга мүмкүндүк бербейт жана сот процессинин жүрүшүн прокурордун алдын ала кагаз түрүндөгү уруксатысыз, же соттун чечимисиз жарыялоого тыюу салуу катары чиновниктер тарабынан гана түшүндүрмө берилет.

Соттун чечими мыйзамдуу түрдө күчүнө киргенге чейин ага кандайдыр бир чаралар аркылуу таасир берүүгө да тыюу салынган. Бирок түшүнүксүз формулировкалар мындай таасирди кандай жол менен жасоого тыюу салаарын түшүндүрбөйт.

Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө басылмалар соттук процесстердин ар бир отурумдары жөнүндөгү отчётту ачык эле жарыялайт. Бирок өзбек мыйзамынын алтынчы беренесиндегидей бул отчёттор соттук териштирүүгө түшүп калуу, же калбастыгы түшүнүксүз.

Жарандардын кадыр-баркын жана беделин булгаган маалыматты таратууга карата тыюу салуучу нормалар эч түшүнүксүз.

Тажрыйба көрсөткөндөй, журналист кайсы бир чиновниктин же ишкер адамдын фамилиясын эскертип өтсө, бул беделине шек келтирген соттук доого негиз түзгөн биринчи факт. Алтынчы берененин акыркы абзацы да түшүнүксүз жазылган, ал жерде «Мыйзамга ылайык, кылмыш жазасы же башка жоопкерчиликти өзүнө алган кээ бир иш-аракеттерди жасоодо ММКны колдонууга болбойт», - деп көрсөтүлгөн. Мындай эрежелер каалагандай түшүндүрүлүп, пайдасыз журналисттерди оңдоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

Акылга сыйгыс дагы бир нерсе, журналисттерге карата бураманы күчөтүү дайыма Президент Каримовдун журналисттерди коркпой сын макалаларды жазууга чакырыгынан кийин орун ала баштайт. Мисалы, ушул жылдын январь айында президент парламентте сөз сүйлөп жатып Өзбекстандагы басылмалардын тишсиздигине тийишип, журналисттердин кесиптик майрамына карата журналисттерди өздүк цензураны алып салууга, көпкөн чиновниктерге карата аёсуз ачык маалыматтарды жазууга чакырган.

Эгер бийлик чындыгында эркин басылманын болушун каалаcа, алар баарынан мурда жалпы кабыл алынган ММК менен кызматташуунун эл аралык эрежелерин катуу сактоосу зарыл жана турмушта орун алып жаткан сын материалдарга ооз эки тыюу салууларды токтотуусу керек.

Албетте бул ишти жаңылоо, ММК жөнүндөгү мыйзамды реформалоо, журналисттик иликтөө жүргүзүү, соттордо журналисттерди колдоо, редакция тарабынан курч макалаларды даярдаган кабарчыларды финансылык кызыктыруу, медиачөйрөдөгү жумушчулардын арасында алардын укуктарын, милдеттерин жана мыйзам нормаларын түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен коштолуусу зарыл. ●

**Виктор Крымзалов,** көз карандысыз медиаэксперт, Ташкентте жашайт жана иштейт

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды.*

**ӨЗБЕКСТАН**

# ЖАСЛЫК КОЛОНИЯСЫНДАГЫ ЭРКИНЕН АЖЫРАТЫЛГАНДАРДЫН АЧКАЧЫЛЫК АКЦИЯСЫ



*Жаслык түрмөсүндөгү эркинен ажыратылгандардын ачкачылык акциясынын башталышы эл аралык уюмдарга өзбекстандагы жабык жайларды катуу көзөмөлгө алуусуна шылтоо боло алат*

22-ноябрда Өзбекстандын көз карандысыз демилгечи тобунун төрагасы Сурат Икрамов Жаслык түрмөсүндөгү эркинен ажыратылгандарды массалык ачкачылык акциясынын башталгандыгын NBCAге кабарлады.

Икрамовдун айтымында, бул түрмөдөгү массалык ачкачылык акциясын октябрдын аягында камалган динге ишенгендер жарыялашты. Акциянын башталышына ал жерде тынымсыз орун алган кордоолор жана кээ бир камактагылардын жоголуп кетиши себеп болгон. IWPR мындай зордук-зомбулуктардын орун алып жатышы жөнүндө 2-августтагы «Өзбек түрмөлөрүндөгү кыйноолор камактагылардын психикалык оорулуу болуусуна алып келүүдө» деген аталыштагы макалада жарыялаган эле.

Жаслык колониясы 64/71 өлкөнүн түндүк-батышында жайгашкан, Ташкенттен 1000 километр алыстыкта жайгашкан жана Өзбекстандагы өтө коркунучтуу жай деп эсептелет. Түрмө өзүнүн катаал шарттары, кордоолору менен белгилүү. Элдер «кайра кайтпоочу жай» деп аташат.

Өзбек укук коргоочуларынын маалыматына ылайык, Жаслык түрмөканасында 500гө жакын эркинен ажыратылгандар бар. Жаслыкта жазалоо мөөнөтүн өтөп жаткандардын жарымынан көбү – булар динге ишенгендер жана саясий камакка камалгандар. Икрамовдун айтымында, Жаслыкта кордоолордон дал ошолор жапа чегишет.

«Биздин байкообуз жана бул түрмөдө камалгандардын жакындары менен болгон маектешүүбүз дал ушул эки топко абактагы күзөтчүлөр тарабынан кордук көрсөтүлүп тура тургандыгын көрсөттү», - деди Икрамов

Учурда Жаслык түрмөсүндө төмөндөгүдөй белгилүү адамдар жаза өтүшүүдө. Алар – акын-сатирик Юсуф Жума; бизнесмен, Өзбекстандагы алгачкы «Рустамбанк» коммерциялык банкынын негиздөөчүсү – Рустам Усманов жана укук коргоочу Азимжон Фармонов. Икрамовдун айтымында, бул адамдын жакын туугандары бир жолу да Өзбекстандын көз карандысыз укук коргоочуларынын демилгечи топторуна өз жакындарына карата зордук-зомбулук колдонулуп жаткандыгын кабарлашкан эмес.

Клара Алимова, динчил эркинен ажыратылгандардын бир туугандары, болжол менен отуз аял менен биргеликте жабык жайдын башкармалыгы аларга туугандары менен жолугушууга мүмкүндүк берет деген үмүттө Жаслык мейманканасында жарым айдан көбүрөөк жашашкан.

Алимованын айтымында, 1999-жылы Өзбекстандын “Кылмыш Кодексинин» 159-беренесине – «Конституциялык түзүлүшкө коркунуч келтирүү», - ылайык эркинен ажыратылган, 31 жаштагы Миркарим Саидкаримовдун апасы өз баласы менен жолугушкандан кийин, баласынын абалы өтө оор экендигин түшүнгөн.

«Алар менин баламдын баш сөөгүн, белин сындырып, көчүгүн эзе чабышыптыр. Ал башка бирөөлөрдүн жардамынан үмүтүн үзүптүр. Мен биздин балдарды кантип кордоп жатканын эл аралык уюмдардын билүүсүн каалайм!» - деди Алимова.

Түрмөдөгү баласы камералаштары белгисиз жоголгондон кийин камактагы динчил адамдар массалык ачкачылык акциясын жарыялашкандыгын апасына айткан. Анын айтымына караганда, түрмөдө динге ишенип намаз окугандар жоголо баштаган. Калган эркинен ажыратылган динчилдер каршылык көрсөтүү белгиси катары ачкачылык жарыялашып түрмө башкармалыгынан жоголгон сегиз адамды камерага кайрадан алып келүүнү талап кылышкан. Күзөтчүлөр аларга жооп кылып алардын баарын карцерге камап салышкан.

Самарканд облусунун Ургут районунан Жаслыкка 16 жылга камалган баласын көргөнү келген Мухайё Хожиеванын айтымында, ал үч жума бою баласы менен жолугуша албай жүрөт. Массалык ачкачылык акциясына катышкандан кийин баласы зордук-зомбулукка, кыйноолорго кабылбайбы бекен деп ал аял коркуп жүрөт.

«Түрмө башкармалыгынан сурасам менин баламды изолятордо (жабык жерде) дешти, мен ага аябай тынчсыз-

**ӨЗБЕКСТАН / ТҮРКМӨНСТАН**

данып жатам. Түрмө кызматкерлери кетиңиз дешти, бирок мен баламды көрмөйүн кетпейм. Мен коркуп жатам. Алар биздин үстүбүздөн мазактап жатышат».

Ташкенттеги Өзбекстандын укук коргоо альянсынан Елена Урлаева өлкөдөгү жабык жайлардагы кыйноолор жыл сайын татаалданып бара жаткандыгын жана баарынан мурда андан эркинен ажыратылган мусулмандар жапа чегип жатышкандыгын айтты.

«Өзгөчө диний майрамдар, ыйык рамазан айында динчилдерге карата кыйноолор ырайымсыз мүнөзгө айланат. Колониянын жетекчилиги анын ичинде Жаслыкта кордук көрсөтүүнү демонстрациялашат», - дейт Урлаева.

Апасы менен жолугушканда жакынкы күндөрү духовенствонун өкүлдөрү бул колонияга барышканын, бирок динчилдерге жардам берүүнүн ордуна аларды мазакташып, коркутушкандыгын айткан.

«Алар биздин балдарга мындай дешти: «Силерди, хизбуттахрирчилер, бүт дүйнө жүзү жек көрөт, силерди бардык үй-бүлө мүчөңөр менен толук кырып жок кылуу керек», - дейт деп айтты Саидкаримовдун апасы.

Урлаеванын маалыматына ылайык, Өзбекстандын түрмөлөрүндөгү акылга сыйгыс мамилелерден улам эркинен ажыратылгандар жыл сайын массалык түрдө веналарын, ичтерин кесип түрмө администрациясынын аларга болгон катаал мамилесине жана алардын укуктарын орой бузуп жаткандыктарына каршылык акцияларын өткөрүп турушат. Тилекке каршы мындай акциялар жөнүндөгү маалымат бийлик тарабынан блокировкаланып, таркатылбайт. Урлаеванын айтымында, эл аралык укук коргоо уюмдары мурда эле Жаслык түрмөсүн көзөмөлгө алышкан, ал эми ал жерде башталган ачкачылык акциясы Өзбекстандагы жабык жерлерди катуу көзөмөлгө алуунун дагы бир шылтоосу.

«Жаслык түрмөсүнө карата мурдатан эле чараларды көрүш керек эле», - деп жыйынтыктайт Елена Урлаева.

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды.*

## ТҮРКМӨНСТАН

# БҮГҮНКҮ ТҮРКМӨНДӨР ЧЫНЫГЫ УКУККА ЗАР БОЛУШУУДА



*Конституцияда аялдардын укуктары эркектер менен бирдей каралса да, Түркмөнстандагы аялдар иш жүзүндө өздөрүн кемсинтилген абалда экендигин айтып даттанышууда*

Декабрдын аягында Түркмөнстан аялдарга карата дискриминациялоону жоюу боюнча БУУнун комитетине мезгил-мезгили менен берүүчү кезектеги отчётун тапшырат. Докладда 1996-жылы ратификацияланган ушул эл аралык актынын чегинде өлкө өз милдеттенмелерин кантип аткарып жаткандыгы жөнүндөгү маалымат камтылат.

Юридикалык көз караш менен алганда, өлкөдө белгилүү бир мыйзам топтомдору бар, Түркмөн Конституциясы эркектер менен аялдардын бирдей атуулдук укуктарын кепилдейт, жыныстык белгилери боюнча тең укуктуулукту бузуу жоопкерчиликке тартылат. 2007-жылдагы «Аялдардын тең укуктуулугунун мамлекеттик кепилдиктери

## ТҮРКМӨНСТАН




жөнүндөгү» мыйзам ар кандай чөйрөдө аялдарды дискриминациялоого тыюу салат жана алардын үй-бүлөдөгү, жумуштагы, коомдогу ролун мыйзамдаштырат.

Бир караганда, түркмөн аялдарынын алдында өлкөдө ишмердүүлүктүн кеңири горизонту ачыктай туюлат. Аялдарга саламаттыкты сактоо, билим берүү тармагында мыкты ролдор таандык. Аялдар Түркмөнстан Меджилисинин (парламентте) депутаттарынын бештен бир бөлүгүн түзүшөт. Түрдүү деңгээлдеги аял жетекчилер да аз эмес, ал тургай аялдардын коомдук уюмдары бар, бирок бул уюмдар бийликтин түздөн-түз көзөмөлүнүн алдында уюштурулган.

Бирок 2008-жылы БУУнун мезгилдүү маалымат берүүчү жумушчу тобу «Түркмөнстан аялдарга карата кордук көрсөтүү менен күрөшүү керек экендигин моюнга албайт» деп өздөрүнүн тынчсызданууусун билдиришкен, ал эми жергиликтүү мыйзам топтомдорунда жабыркаган аялдарды коргоонун механизмдери жок.

Бул макала үчүн сурамжылоого алынган комментатор, эки жылдын ичинде эч кандай өзгөрүүлөр болбогондугун айтышты. Ал эми жергиликтүү байкоочулар коомдо аялдарга карата азиаттык салттарга шилтеме жасашат. Ал боюнча аялдар коомдо экинчи ролду аткарышат.

«Бардык мыйзамдарга карабастан, аялдар биз ар дайым эркектерди сыйлайбыз жана аларды угабыз. Мени ата-энем дайыма ушуга үйрөткөн», - деди NBCАге өзүнүн атын ачык атагысы келбеген, мамлекеттик кызматта жыйырма жыл эмгектенген орто жаштагы аял.

Болгариядан адам укуктары боюнча Түркмөн Хелсинки фондунун лидери Таджигуль Бегмедованы мындай пикирлер таң калтырбай. Ал түркмөн кыздарына кичинесинен баштап үй-бүлөдөгү чоңдорду, атаңды, агаңды, болочок күйөөңдү, анан бир туугандарыңды угушуң керек деп тарбиялашат. «Бул бүгүнкүгө чейин болуп келген жана коом тарабынан жактырылат».

«Ооба, бүгүнкү түркмөн аялдары бир топ тобокелдүү болушу мүмкүн. Кээде жөн эле сөз менен жооп берет, иш жүзүндө жада калса өздөрүнүн балдарына карата да эч кандай укукка ээ эмес. Ага караганда анын балдарына атасы тараптагылардын укуктары көп», - деди укук коргоочу аял.

Жакында Ашхабадда болгон бир чет элдик турист күйөөлөрүнүн айдоосунда көчөдө иштеп жаткан аялдарга болгон байкоосун көргөн көзүнө ишенбей айтып берди.

«Башын жоолукка ороп, кызгылт-сары окшош кийимдерди кийишкен аялдар дарактарды өрттөп жатышты, ал эми күрмө кийген эркектер алардын үстүнөн таштандыларды тазалагыла деп кыйкырышып башкарып турушту, аялдар таштандыларды чоң каптарда далыларына артышып эңкейишип ташышты», - деди ал.

Базарда сатуучулук менен алектенген аял түрдүү текшерүү түзүмдөрүнөн жана салык мекемелеринен келген эркектердин аларга жасаган мамилеси чектен ашып кетип жаткандыгын ыйлап даттанды.

«Мен ачык жерде, ысыктын алдында, суукта товар сатам. Мага кайсы бир чиновник келет да товарымды тартып алат жана минтип айтат: «арызданасыңбы, даттанасыңбы сендей кемпирди эч ким укпайт!» Мен эмне кылышым керек? Мен алардын алдында укуксузмун», - дейт ал.

Бирок шаарда мындай көрүнүштөр кеңири жайылбаса да, айыл жерлеринде аялдардын абалы мындан да оор. Ахал борбордук вилаятындагы News Briefing Central Asiaнын байкоочусу өзүнүн байкоосунан шилтеме келтирип анда «аялдарды эксплуатациялап келишкен жана аны улантышууда» деп айтып берген.

Пахта талааларынан негизинен аялдарды гана көрүүгө болот, эрте мененки саат 4тө турушат, уй саашат, тамак даярдашат, чарбага барышат, көлөмдүү каптарды көтөрүшөт... Балдарга кам көрүү да алардын мойнунда.

«Айылдарда түркмөн аялдары коноктор менен бирге тамак ичип бирге отурууга укуктары жок. Жада калса ал тамакты да өзү алып кирбейт, аны балдарына ташытат. Эгер сиз тамагына ыраазычылык билдирүүнү каалап анын бөлмөсүнө баш багып карап койсоңуз, анда анын жана анын балдары кум шекер менен көк чай ичип калаарын, ал эми анын күйөөсү эт жана жер жемиш жегенине күбө болосуз», - деп сөзүн улантты байкоочу.

Ашхабаттагы формалсыз укук коргоочу уюмдун активисти үй-бүлөлүк зордук-зомбулук курч маселе экендигин байкаган. Качан аялдарды чегине жеткире кордогондо алар полицияга кайрылууга аракеттенишкен эки фактыны айтып берген. Анын биреөсү күн сайын токмоктогон күйөөсүнө карата даттануу болсо, экинчиси келинине күн көрсөтпөгөн кайненесине карата даттануу болгон. «Полиция бул аялдардын арызын албай койгон, анткени бул «үй-бүлөнүн ички иши»», - деди ал.

Түркмөнстанда үй-бүлөлүк кордоодон жабыркагандардын статистикасы жок жана болсо да эч кимге берилбейт. Бирок жергиликтүү байкоочулардын маалыма-

**ТҮРКМӨНСТАН**

тына ылайык, үй-бүлөдө кордук көрсөтүү кеңири тараган көрүнүш.

«Үй-бүлөдө кордук көрсөтүүнү көптөгөн түркмөн үй-бүлөлөрүндө күн сайын кездештирүүгө болот. Аялдарды уруу, кулдай кылып иштетүү кеңири тараган. Эркектер аялдарды үйдө көп иштөөгө мажбурлайт, мисалы үй-бүлөнү багуу үчүн килем токуп сатууга мажбурлашат», - деп белгиледи Ашхабаттагы медиабайкоочу.

Жергиликтүү укук коргоочулар өлкөдө кризистик борборлордун, ишеним телефондордун ачык тармагы жана ЕККУ Түркмөнстанда киргизген жабырлануучуларга бекер психологиялык кеңештерди берүүчү борборлор болушу керек деп эсептешет.

Бирок жалгыз үмүт эл аралык уюмдарда гана болуп калды, анткени бийлик түркмөн аялдарынын укуктарын баары жайында деп ишенимдүү айтышууда.

«Батыштык көз караштa аялдардын укугу корголбошу мүмкүн, бирок биз антип эсептебейбиз, - деп күлөт хакимдиктин кызматкери. – Чыгыш өлкөлөрүндө мындай дайыма эле болгон».

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды*

# БИЙЛИК МЕДИЦИНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРГӨ КЕТИШИНЕ КАРШЫ КҮРӨШҮДӨ



Сентябрь айынын аягында Түркмөн демилгечилеринин адам укуктары боюнча оппозициялык интернет-порталы Түркмөнстандагы медицина кызматкерлеринин паспортторун массалык текшерүү башталгандыгын кабарлады. Медициналык мекемелердин адистер бөлүмүнүн кызматкерлери Улуттук коопсуздук кызматынын өкүлдөрү менен биргеликте кээ бир медиктердин паспортунда чегарадан өткөндүгүн көрсөткөн печаттын мөөрлөрү тургандыгын ачыкташкан.

«Көпчүлүк медицина кызматкерлери өздөрүнүн негизги ишмердүүлүгү менен катар эле өлкөдөн четке чыгып бизнес жасап жатышат», - деп жазат «Хроника Туркменистана». Кесиптештер бири-бири менен макулдашышып кезектерин алмашышат. Бир дарыгер өзү үчүн да кесиптеши үчүн да кезектик (дежурлук) милдетти аткарат, ал эми экинчиси ошол мезгилдин ичинде Кытай, Бириккен Араб эмираты, Орусия, Турция, Иран, Казакстан өлкөлөрүнүн бирине товарга барып келүүгө жетишет».

Эгер текшерүүчүлөр дарыгердин паспортунан чегара кызматынын мөөрүн көрүп калса аны жетекчиликке чакырып чындыгында дежурлук кылбаган күндөрдүн акчасын гана эмес, бир айлык маянасын толугу менен кайтарып берүүгө мажбурлашат», - деп кабарлайт басылма.

Дарыгерлердин чегарадан өткөндүгүн билүү максатында паспортторду массалык текшерүү Түркмөнстанда 2009-жылы өткөрүлгөн. Жергиликтүү аналитиктердин бири өзүнүн коопсуздугун камсыздоо үчүн көпчүлүгү документтерин жараксыз абалга келтирип салганын эскерди.

## ТҮРКМӨНСТАН

«Элдер шашылыш өз паспортторунан кутулуштун айласын таппай, паспортторун жоготушту, ага коюлган виза көрүнбөсүн деп бир нерсе менен булгап салышты. Паспортторун текшерүүгө чейин үлгүрүп мындай иштерди жасагандар гана жазалоодон кутулушту», - деп белгиледи ой бөлүшкөн аналитик.

Ашхабаттагы байкоочунун айтымында, бизнес менен медициналык практиканы айкалыштыруу «дарыгерлерди акчасыз калуудан сактоодо». Түркмөн дарыгерлеринин маянасы $ 200дөн - $ 230га чейин өзгөрүлүп тураарын, бул 2010-жылдын 1-январында бекитилген минималдык маянанын расмий өлчөмүнөн бир аз көбүрөөк (минималдык маяна 598 манат, бул расмий курс 2,85 менен алганда 170 $ды түзөт).


Ашхабаттагы саламаттыкты сактоо министрлиги

Ошондуктан медицина кызматкерлери акчаларын бир айдан экинчи айга чейин жеткирүү үчүн кошумча ставкалар менен иштешет. Врачтар чет жакадан товар алып келип жергиликтүү базарда же магазинде пайдасы менен сатуу максатында өздөрүнүн ар бир дем алыш күндөрүн гана эмес, жыл сайын алуучу эмгек эс алуусун да арнашат.

«Өлкөдө жумушсуздук өтө көп болгондуктан биздин көпчүлүк врач аялдар өз үй-бүлөлөрүн багууга туура келет. Чет өлкөлөргө алар жыргаш үчүн эмес, товар үчүн барышат, анткени аларга балдарын окутууга, кийинтүүгө, тамактандырууга акча керек», - деди байкоочу.

NBCA менен болгон маекте медиктер 2007-жылы президент Гурбангулы Бердымухаммедовдун бийликке келиши менен деле абалдары жакшырбагандыгын айтып датташышты. Гурбангулы Бердымухаммедов өзү стоматолог, медицина илимдеринин доктору, саламаттыкты сактоо тармагында реформаларды баштаган.

Мамлекеттик казнадан ири көп профилдүү ооруканалардын курулушуна жүздөгөн миллион долларлардын бөлүнгөндүгүнө карабастан, дарыгерлердин маянасы көбөйгөн жок, медициналык тейлөөлөрдүн баасы өсүүдө, бул бейтаптардын дарыланышын оорлотууда.

Бийлик медициналык тейлөө кызматынын начардыгына тынчсызданганын билдирүүдө. Алардын көз карашында, бейтаптар саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин адистик даярдыгынын төмөндүгүнөн эле эмес, бизнес кылган врачтардын өз жумуш орундарында болбогондугунан жапа чегишүүдө.

«Мындай абал түзүлүп калды дейли: тезинен операция жасаш керек, бирок дарыгер жок», - деп тынчсызданды өткөрүлүп жаткан кампанияны колдогон Ашхабаттык юрист.

Ал «дарыгерлер өздөрү берген адистик антты эч качан бузбашы керек», - деп эсептейт.

Укук коргоочулар медиктердин тартипсиздиги менен күрөшүү деген шылтоого жамынып, врачтардын паспортун массалык текшерүү түркмөнстандыктардын конституциялык укугун бузууга жата тургандыгын айтышууда.

Эл аралык коомчулуктун сындарына карабастан Түркмөнстандын ичинде эркин жылып жүрүү солгундаган, катуу виза системасы киргизилген, ал эми өлкө ичинде же сыртында саякаттоо атайын кызматтар тарабынан көзөмөлдөнөт.

Бийликти бизнес жасаган медиктер анча деле кызыктырбайт, аларды Түркмөнстандан башка өлкөлөрдөгү семинарларга катышуу максатында кимдер чыгып жаткандыгы көбүрөөк кызыктырат. Атайын кызмат медиктер виза алуу мезгилинде ыңгайсыз суроолордон качуу максатында өздөрүнүн сапарын шоп-тур катары көрсөтүшөт деп ойлошот. Мындай ойду өлкөнүн чыгышында Лебап вилаятындагы жарандык топтун лидери да колдойт. Ал өткөн кышта «Чек арасыз дарыгерлер» эл аралык уюму өлкөнү таштап чыгып кеткенден кийин врачтардын массалык түрдө сурамжылоого тартылуусуна басым жасады. Уюм сунуштаган долбоорду бийлик тааныбай, көңүл да бөлбөй койгондуктан ал уюм өлкөнү таштап чыгып кеткен.


Ошол мезгилде профилактикалык сүйлөшүүгө көптөгөн врачтар чакырылып, аларга маалыматты аз берүүгө, ашыкча нерсе сүйлөбөөгө, кимдир бирөөлөр сурап жатканда «этият болууга» чакырышкан, андай болбосо бул тынчылык катары саналаарын эскертишкен,

Активисттин айтымында, жергиликтүү дарыгерлердин эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен кызматташуусуна ишара кылуу да өкмөткө жага бербейт.

Медиктердин паспортторун кезектеги текшерүүгө алуу ушундай акциянын эле кезектеги бир түрү».

*Бул макала National Endowment for Democracy фонду тарабынан каржыланган «Борбордук Азия жаңылыктар топтому» долбоорунун алкагында даярдалды*


Institute for war & peace reporting
48 Gray's Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



IWPRдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш. , 720017
Тоголок Молдо көч, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70
Факс: + 996 312 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



IWPRдин Казакстан Республикасындагы өкүлчүлүгү
Казах Республикасы,
Алматы ш., 050000
Казыбек би көч, 50
2-чи кабат, 84 кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazahstan@iwpr.net



IWPRдин Тажикстан Республикасындагы өкүлчүлүгү
Тажикстан Республикасы,
Душанбе ш., 734003
Рудаки көч., 137 «Точикматлубот», 6 кабат
Тел.: + 992 372 247026
Тел./Факс: +992 372 247051
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

Макаланын мазмунуна IWPR толук жоопкерчиликти мойнуна алат жана ал Европа Шериктештигинин өлкөлөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.